
ЭРНИС ТУРСУНОВ

# Балбай
## жана анын доору



ББК 84 Ки 7—4
Т 86

Сүрөтчү *Б. Жайчибеков*

**Турсунов Эрнис**

Т 86 Балбай жана анын доору: /Сүрөт. Б. Жайчибеков.— Б.: Кыргызстан, 1992.—64 б.
ISBN 5-655-00911-0

Бул чыгарма XIX кылымда Ата журтубузду ар кандай душмандардан коргогон кыргыз элинин улуттук баатыры Балбай Эшкожо уулунун туулган күнүнүн 200 жылдыгына арналган даректүү тарыхый баян.
Жалпы окурмандарга арналат.

Данное документально-историческое произведение посвящено 200-летию со дня рождения кыргызского национального героя Балбая Эшкожина.
Адресуется массовому читателю.

Т $\frac{4702300100-04}{М 451(11)-92}$ ББК 84 Ки 7—4

ISBN 5-655-00911-0

© Турсунов Э., 1992.

Така туякты сактайт, туяк тулпарды сактайт,
Тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт.
*Түрк макалы.*

Баатырдын өлүмү — күндүн батканына тете.
*У. Шекспир.*

Баатырым Балбай өткөн соң,
Башыбыздан бак тайды.
*Бугу аялдарынын кошогунан.*

# I

Балбай менен Ормон... Бул улуу инсандардын жашаган доору, баскан жолу эң орчундуу окуяларга, эң татаал тагдырларга жыш, кыргыз элинин тарыхындагы эң оор, эң маанилүү бурулуш мезгилге туура келет. Балбай менен Ормон окуялары жомок эмес, XIX кылымда болуп өткөн тарыхый чындык. Атам замандан бери ата-бабабыз жердеген Ала-Тоо, Памир, Алай, Анжыян, Тяншан, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Чүй аймактарын саны көп, салмагы зор мамлекеттер, державалар, жанаша жашаган хандыктар талашып, багынтып-басып алууга аракет кылып келишкен. Ата журтун коргоп, кыргыз элинде ар кайсы доорлордо ар кандай баатырлар өткөн. XV—XIX кылымдарда Моголстан хандыгына, Жонгор кагандыгына, Кокон хандыгына, Цин империясына жана орус мамлекетинин баскынчылык саясатына каршы, ошондой эле кыргыздардан жер-суу, жайыт талашкан казак жүздөрүнө, калмак жортуулдарына каршы канду кагылыштар, жан үчкан, баш алынган майдандар Балбай менен Ормондой эл четинде, жоо бетинде турган, эл биримдигин, Ата журтун коргогон баатырлардын тагдырына туура келген. Кыргыз тарыхында Ормондун орду, мааниси, саясаты, көз карашы, хандыгы, өкүмү, чабуул-жортуулдары атайы сөз кыла турган, дагы тактала турган, өзүнчө изилдөөгө татыктуу кырдаал.

Биз башка элдердин тарыхый баатырларына, саясий ишмерлерине салыштырмалуу карап, кыргыз элине Балбай баатырдын мааниси кандай болгонуна гана токтолмокпуз. Тоталитардык системанын тушунда Кеңеш бирлигине кирген ар бир жумурияттан бирден атактуу акын жана баатырды алып чыгып, ошол элдин жүзү, сыймыгы, намысы катары окуп,

үйрөнүп, үлгү алыш үчүн тарыхка, адабиятка, илимге киргизилип, көркөм чыгармалар жазылып, кинофильмдер тартылган. Орустардын Иван Грозный, Петр I, Невский, Донской, Минин, Пожарский, Суворов, Кутузов, Нахимов сыяктуу мамлекет башчы, падыша, колбашчыларын окуу программаларына милдеттүү түрдө киргизип, окутуп келишкен.

Ошондуктан, Украинадан Тарас Шевченко менен Богдан Хмельницкий, Грузиядан Шота Руставели менен Давид Грумашвили, Дагстандан Сулейман Стальский менен Шамил, Өзбекстандан Хамза менен Улукбек, Тажикстандан Айни менен Восе, Кыргызстандан Токтогул менен Балбай, Казакстандан Жамбул менен Амангелди көп улуттуу советтик адабиятка киргизилип, мектептерде, институттарда окутула баштаган. Бирок Борбордук комитеттин ашкере жаалдуу, кыйкымчыл идеологдору аталган инсандардын айрымдарын «улуу орус элине каршы болгон» деп, тарыхтан алдырып таштапкан, алардын авторлоруна саясий айып тагышкан. Ошондой жок жерден жабыр тарткан авторлордун бири Балбайды поэма кылып жазган акын Кубанычбек Маликов болгон.

Балбайдын аты да караланып, негизсиз жаманатты болгонун партократтар чыгарган токтомдор, аларга жасакерленип жазылган сындар менен архивдик документтер айгинелеп турат. Чындыгында кыргыз урууларынын биримсиздиги, ынтымаксыздыгы баскынчыларга утуру жем таштап, аларга көз каранды, кул болууга ыңгайлуу шарт түзгөн. XIX кылымда Кокон хандыгына, казак жүздөрүнө, калмак жортуулдарына жана орус империясынын колониялык саясатына каршы башты ажалга матап, жанды аябай күрөшүү Балбайдын башына түшкөн. Эл бүлүнүп, чабылып чачылып, бир көзүң бир көзүңө жоо болуп турган кезде Балбай Эшкожо уулунун Ата мекенин коргоп, элди бириктирген эрдиги тарыхта бөтөнчө каралуу керек.

Анжыян кыргыздарын Кокон хандыгы каратып, Сыр-Дарыя, Жызак, Самаркан, Фаргана, Маргалан, Наманган, Ташкент аймагындагы тогуз жүз миң курама кыргыздарды өз уругунан ажыратып, аргынташтырып, акыры өзбектештирип, алардын көзүн каран жашоого аргасыз кылган. Картаны карасаңыздар, кыргыздарга таандык Фаргана, Кокон, Анжыян өрөө-

нунө өзбектер өткөн кылымдарда оюп кирип келген. Орус империясы Кытай менен чек ара бөлүшкөндө кыргыз жерлерин белчесинен кесип, Текес, Турпан, Какшаал, Акчий, Кызылсуу, Көксуу, Кундуз, Жылдыз, Өртөң, Чекирти, Сайкал, Артуш, Улуучат сыяктуу көп жерлер тарыхый Ата мекенибизден бөлүнүп калган. Казак жортуулдарынан кийин Каркыра, Тоочелек, Каптек, Кашкелең, Акчат, Кеген, Каракоңуз, Мерке, Олуя-Ата аймагындагы кыргыз жерлери аларга карап кеткен. Кара кылды как жарган калыстык болсо, чек араларды кайрадан бөлдүрүп, бирдиктүү кыргыз жерлерин өзүнө кайтарып, картага түшүрүүчүлөр чекти жаңыча так сызып көрсөтсө болор эле.

Борбордук Тяншанды чалгындаган орус империясынын стратегиялык-аскердик экспедициясы сандаган мужуктарды ичкерки Орусиядан Орто-Азия менен Казакстанга күргүштөтө көчүрүп, чакыртылбаган «меймандар» Кыргызстандагы кара топурактуу жерлерди каалагандай ээлеп, дыйканчылыкка, мал чарбасына, жашоого ыңгайлуу, оттуу, суулуу, майлуу өрөөндөрдү менчигине басып, хата, хутор, казарма, чиркөө, гарнизон, жол салып, көпүрө куруп, көрүстөндөрүнө крест коюп, биротоло отурукташкан. Алар байып, түтөп, кулакка, эзүүчү тапка айланган соң кыргыздарды кул катары жумшашкан. Ошентип, Орто-Азия менен Казакстанды чалгындаган орус империясынын аскердик-стратегиялык экспедиция башчыларын бизге «улуу саякатчылар» деп таңуулабай алардын түпкү максатын, колониялык саясатын так жазуу керек.

Кыргыз жерин туш-туштан тооруган кыйын кезең кырдаалда Балбай баскынчыларга каршы жан аябай салгылашкан, бирок бийликти жанынан артык көргөн сарбагыштардын өзүмчүл, өктөм башчысы Ормон өз ара уруу чабыштарында Балбайдын жолуна буктурма койдуруп, колго түшүрүп, кулагын кестирип, мазактап, орго салдырган. Баатыры туткун болгон соң башчысыз калган бугу эли өзөн, суу, жайыт, корук, малдарынан кошо ажырап, орус падышачылыгына, анан Кокон хандыгына, анан өзүнөн чыккан өкүмдар Ормонго көз каранды болгон. Ормон казак жүздөрүнөн кол курап, кыргыздарга кол салган Кенесары менен Наурызбайды өлтүрүп, кошуунун кыргыз чегинен ары сүргөн соң кадыры артып, бир дубан элге «хан» көтөрүлөт. Бирок орус,

ытай, Кокон хандыгы сыяктуу кубаттуу, куралдуу, малдуу, алдуу баскынчыларга каршы турууга шаа-ы жетпей алман төлөп, жер берип, куйругун түйүп, ошомат кылып, алардан сый, сыйлык, чен алып урган.

Мына ошондой шартта туткундан куп төлөп бо-онгон Балбай кайрадан бугу элин жыйнап, кол ку-ап, баскынчыларды сүрүп чыгарат. Ормондун соңку ортуулун талкалап, өзүн өлтүрүп, сөөгүн төөгө рттырып, кызынан жетелетип жиберет. Ошондон кийин бугу элинин биримдигин чыңдап, орус, кытай, йгур, казак элдери менен ынтымак курат. Бирок чтеги душмандар, колтуктагы чыккынчылар аны рус империясына кармап берет. Текесте колго түш-өн Балбай Алматы калаасына жеткирилип, орус үрмөсүндө отурат. Элдин нааразылыгынан чочуган енерал-губернатор мунаажат кагаз жиберет, буйрук еткиче Балбайга уу берип өлтүрүп коюшат. Ата ме-енине Балбайдын өзү эмес, эти шылынган сөөгү жеткирилет.

Баатырдын өлүмүнөн кийин эл ичи кайрадан рийт, ынтымак ыдырайт, уруу чабыштар, жортуул-ар күч алат. Ормондун кунун куун, Төрөгелди ме-ен Үмөтаалы көл кылаасын мекендеген бугу кыр-ыздарды аёосуз чабат. Кырылгандан калган бугу-ар Кытайга кеткен соң Ысык-Көлгө орустар гуруктаашып, күнгөй-тескейге кыркалай кыштакта-ын салып бүтөт. Кыргызстанга орустардын отурук-ашы менен жалпы эле кыргыздардын турмушу, шоо-тиричилиги начарлагандан начарлап, жерги-иктүү эл, түпкүлүктүү журт кош кабат эзүүгө дуу-ар болот.

Бир уруу элдин башына түшкөн мүшкүлдөн, ар-азыздыктан мажбур болгон абалды «кыргыздар Россияга өзү кирип берген» («добровольное вхожде-ние Киргизии в состав России») деп орустарга жа-акерленип, жасалма ураан көтөрүп, партүстөмдүк-үн башында турган партократтар алардын кандай ыйзамдын негизинде тарыхый Ата журтубузду элеп, кандайча орусташтыра баштаганын айттыр-ай да, жаздырбай да келишкен. Орусташа башта-андын кечээ күнкү кези «советский народ — новая историческая общность людей» деген жасалма ураан енеп шыбалып, анын зыяндуу түпкү максаты жаап-ашырылган.

## II

Кары тарыхка үңүлө карасак, XIV—XVI кылымдарда азыркы казак, кыргыз аймагында үстөмдүк кылган улуу Моголстан хандыгы кулагандан кийин бул жерлерди калмак-ойроттордун Жоңгор мамлекети басып алган. Алардын ордосу XVII—XVIII кылымдарда Үргөдө турган, бирок акыркы кагандыгы ички-тышкы саясатта олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болгон. Ички кырдаалда ири калмак урууларынын так талашуу жана өз ара араздашуу күрөшү күч алып, хун-тайчжы Цэвэн Рабдан алсырап, шайы кетип калган. Тыштан маньжу-ханьсу экспансиясы чек араларын кеңейтүү үчүн биринчи иретте Жоңгор мамлекетин жок кылуу керек эле. Ошол кезде калмак үстөмдүгүнөн кутулууга аракеттенген казак, кыргыздардын боштондук күрөшү күчөгөн.

Жоңгор ордосуна Цин императору Сюань Е жөнөткөн маньжу-ханьсу элчиси Бо Уч Жу 1714-жылы Үргөгө келет да, калмак-ойроттордун ичи былгып, ынтымагы ыдырап, нааразылык ырбап жатканын көрөт. Калмак карооддорунан: «Биз бардык тараптан душман күтүп алдык. Туш-тушубуздун баары жоо. Бир тараптан хасактар, экинчи тараптан буруттар кысып, кандуу кагылыштар күн сайын күч алып жатат. Калмактарга жардам керек, кошумча күч керек. Бир болсо жардам өзүнөрдөн, маньжу-кытайлардан болор. Башканын баары көрөйүн деген көзү жок бизди. Силер жардамга келбесеңер, калмак-ойроттордун улуу тиреги Жоңгор кагандыгы кыйрайт, кыйраганга аз эле калды» деген жалынычтуу сөздөрдү угат.

Маньжу-ханьсуга кире качкан Цэвэн Рабдандан так талашып, ага чыккынчылык кылган бир тууганДары Цин императору Сюань Еден түбү бошоп калган кагандыкка аскерин алып кирүүнү жалынып-жалбарып сурап жаткан. Айласы кеткен Цэвэн Рабдан өзүнө баш ийген калмак уруулары туш-тушка чачырай баштаган соң, аз калган нойондору менен Цин империясынын карамагына өзү өтүп бермей болот. Анткени, кыргыздар арасына жашына албайт эле, аларга көбүрөөк ыдык көрсөтүп койгон, казактар болсо кармап бермек же өлтүрүп коймок. Жаркенге, Котонго, Кашкарга батмак эмес. Орустар кабыл албайт эле, алса өз динине киргизип, чокунду-

руп алмак. Бекем ишенимде турган будда динindеги тайшы эч качан христиан болмок эмес. Ошол себептүү дини бир болгондуктан, өзүнө каршы келаткан Сюань Е карамагына мүлдө байлыгы, казнасы, аскери менен кирип бермек.

Ошол кезде казак ханы Кайыптын өтүнүчү боюнча алардын орус империясынын карамагына өтүшү күтүлүп жаткан. Бул кырдаал, кокус жергиликтүү эл, түпкүлүктүү журт (казак, кыргыздар) Орусия империясына кирип кетсе, Жоңгор мамлекетине чындап эле коркунуч туулмак. Анан калса, Пётр I жөнөткөн Иван Бухгольцтун экспедициясы калмак аймагында тоскоолго учурап, ошого булар күнөөлүү болуп тургандыктан, Батыш-Сибирь губернатору М. П. Гагарин аларга каршы казак, кыргыздардын куралдуу көтөрүлүшүн колдогон. Ал Петербургга 1716-жылы сентябрда казактар жыйырма-отуз миң жоокерлери менен калмактарга каршы салгылашаарын билдирген. Казак-кыргыз чек арасындагы Жаркен калаасы, анын сепил-чептери калмактардын карамагында болгондуктан кандуу кагылыштар дал ошол жерден от алып кетиши мүмкүн эле.

Голландиядан келаткан жолдо Пётр I: «Эгер ойроттор мындан ары тынч жашай турган болсо, анда алар менен согушуп кажети жок» — деп кол койгон грамота жиберет. Кайып-хан калмактарга каршы күрөштө аскер күчүнөн, курал-жарактан жардам сурап, Анын Улуу Урматына ак дилден кызмат кылаарын, калмак хун-тайчжысы Цэвэн Рабданга каршы тураарын түюндуруп, Орусиянын букаралыгына кабыл алуусун сурап, бир нече мертебе кайрылган.

Бухгольцтун экспедициясында колго түшкөн орустарды аныкташ үчүн Батыш-Сибирь генерал-губернаторунан атайын кагаз алып, 1716-жылы Цэвэн Рабданга казак-орус отрядынын башчысы Иван Чередов келет. Сибирди зордук менен караткан казак-орустардын салтын улап, ал Цэвэн Рабданга орус букаралыгына өтүүнү сунуш кылат. Алыс жаткан орус падышалыгынын карамагында болуу бир айтылган оздун жели, келсе жүз жылда бир келээр, алар бизди эмне кыла коймок эле, анын үстүнө Кытайдын кысымында турганда анын сүрү керек сыяктуу үстүртөн ойлоп, Цэвэн Рабдан сунушка макул болот. Эгерде ошондой болсо, кытай экспансиясына каршы жардам алууга, курал алууга, калка-

ныч, таяныч табууга болооруна ынанып, Чередов аркылуу орус падышалыгына кайрылат.

Мына, ушул максатта 1721-жылы Цэвэн Рабдан эки өкүлүн Сибирь борбору Тоболго жөнөтөт. Анын бири Бөрө-Коргон деген элчиси Петербургга барат. 1721-жылы 6-сентябрда аны Пётр I жасалгалуу ак сарайда Меньшиков, Апраксин төрөлөрдүн катышуусунда кабыл алат. Андан хун-тайчжы аскер күчүнөн, курал-жарактан жардам сураганын, ал жакта алтын кенин издегендер жүргөнүн угат. Алыскы Жаркенге жол ачыла тургалы Пётр Iге жагат. Ал акылчылары менен бир пикирге келип, Жоңгор мамлекетине элчи жөнөтүүнү чечет.

Элчиликке артиллерия капитаны Иван Унковский тандалат. Пётр Iнин буйругу боюнча ал 1721-жылдын акырында жөнөмөк болот. Ага чейин Жоңгор хандыгынын аймагына бир нече сепилдерди салдыруу үчүн тапшырма алып, аларды салдырууга ылайыктуу жерлерди тандаш керек эле. Айрыкча кен чыга турган жерлерге жана Сибирь менен жол байланышы боло турган жерлерге план түзүп, картага түшүрүш керек. Ушунун барын жазып, сызып, өлчөп, долбоорлоп болот да, чалгын учурунда жашыруун тексттерди жандырыш үчүн «цифра-азбука» үйрөнөт.

Пётр I бул элчиликтин маанисин терең түшүндүрүп, көп белек менен узатат. Экспедициянын чыгымына каражат көп каралат. 1722-жылы 57 кишиден турган элчилик Москвадан чыгып, ноябрдын акырында Үргөгө келет. Аларга арналып 13 өргөө тигилип, 10 кароол коюлат. Хун-тайчжы эки жактуу оюн жүргүзүп жаткан, эгер кытай тараптан анчалык кысым болбой калса, орус букарасы болуудан баш тартмак. Орус экспедициясы менен калмак элчиси Бөрө-Коргон кошо келет.

1723-жылы кулжа — теке айларында Цэвэн Рабдандын хан ордосу Ысык-Көлгө көчөт. Унковский жетектеген орус экспедициясы алар менен кошо жүрөт. Иван Унковский: «28-июнда Каркыра суусун бойлоп, 19-июлда Түп суусун бойлоп көчтүк. 20-июлда карагай, арча, кайың жыш өскөн өзөн боюнда өрүүн болдук. 21-июлда Жыргалаң суусун бойлоп көчтүк, өзөндөргө салынган асма көпүрөлөрдөн өттүк», — деп жазган күндөлүгүндө.

1722-жылы 17-сентябрда Унковскийдин элчилик

озийфасы аяктайт. Кетээринде 500 сомдук белек, чынжырлуу саатын Цэвэн Рабданга берет (анда саат 41 сом турган, бир сомго кой келген). Цэвэн Рабдан мурдагы экспедициядан колго түшкөн он мужукту туткундан бошотот. Орусияга Доржу деген ишенимдүү кишисин элчи кылып жөнөтөт. Ошол кезде Жонгор мамлекетине Балхаштан тартып, Илеге чейин, Отрардан тартып Тяншанга чейин көчүп жүргөн кыргыздар, кыпчактар, уранхойлор, теленгуттар, мыңгаштар, каюттар, хошеуттар, жаркендик таранчылар, букардык көчмөндөр, орустарга алман төлөгөн барабиндер жана башка майда уруктар караган.

Мына ушул кезде хун-тайчжынын эр жеткен балдары калмак-ойротторго келген орустарды жок кылууну сунуш кылат. Бирок Орусиядай чоң мамлекет менен согушууга болбостугун, ага алы жетпестигин айтып, Цэвэн Рабдан болбой коёт. Цин императору Сюань Е дүйнөдөн кайтат. Анын ордуна турган Инь Чжэн хун-тайчжынын балдары менен келишип, Жонгор мамлекетин; анын сонунан орустарга кирип кеткен майда элдерди кошо талкалоого ниеттенип, каардуу колбашчылар Жао Хоа менен Фу Дэ башында турган аябай куралданган түмөн аскерин жөнөтөт. 1758-жылы улуу Жонгор мамлекети кыйрайт. Ырайымсыз колбашчылар миллион ашык калмакты кырдырып, кырылгандан калганы Орусиянын четжакаларына кире качат. Ошолордун бир даары кыргыздашып, Каракол суусунун боюндагы коктуколотордо калган. Цин династиясы күч алып турган мезгил 1736—1796-жылдар, акыркы императору Цянь Лунь.

Жонгор мамлекети жоюлгандан кийин казактар менен кыргыздар кайра жанданып, кайра биригип, өз жергесинде өз үстөмдүгүн жүргүзө баштайт. Бугу уруусу Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейин, эки Нарындын башын ээлеп, сарбагыш уруусу Кочкор, Кемин, Чүй багытында жайланышып калат. Талкалангандан калган калмактар ар кайсы коктуларга чачырап, жарым жапайы каракчыларга айланып, жер алдынан чыга калып, капылеттен кол салып, казак, кыргыз айылдарына тийип турган. Ар кандай жортуулдарга дуушар болгон бугу кыргыздары жашынан карысына чейин жерин, малын, элин коргоп, кылыч таптап, найза саптап, айбалта алып, эл четинде, жоо

бетинде туруута аргасыз болгон. Балбай бала кезинен мына ушундай жоокерчилик доордогу жортуулчапкындардын арасында өскөн.

## III

1798-жылы кеч күздүн коңур түнүндө жети жашар баланын эсинен кетпей калган коогалуу бир окуя болду. Бала энесинин койнунда сүт уйкуда жаткан. Адеп «чаңк» эткен үндөн энеси бир түйшөлүп, анан «каңк» эткен үндөн чочуп, жаздыктан башын көтөрө койду да, боз үй жылчыктарынан жырк-журк жанган оттордун жарыгына көзү урунуп, тенцегүнөн ыргып турду. Баң-буң!.. Жарк-журк!.. Жер титиреп жатабы? Бул эмне!.. Эмне болду?.. Бөк салгычын алкымына бууп, эски бөз көйнөгүн үстүнө салып, мата чапанын желбегей жамынып, сыртка чыккыча кереге жыгачтары, уук баштары качырап, чамгарак коломтого талп түштү.

— Астаапырылда!.. Оо, жараткан Теңир, сакта!..

Уйкуда жаткандардын бардыгы атып турду. Кимди-ким көрсүн, үй ичи алачакмак, будун-чаң. Чай-чуй!.. Даң-дуң!.. Ала бакан кулап, чыгдан кыйшайды. Сырт дүрбөп, айгырлар азынап, бээлер кишенеп, төөлөр боздоп, уйлар өкүрүп, кой-эчки муңкана маарап, теребел тополоңу тоз. Жаргак шымын чала кийген жети жашар баланы жондон аткып, энеси атылып сыртка чыкты.

Шамана кармаган атчан сөлөкөттөр аркы-терки чапкылап, өргөөлөргө өрт коюп жүрөт. Аттардын дүбүртү ар кай туштан дүпүрөп, кындан суурулган кылычтар абада ышкырып, ким эле болсо кез келгенди бир шилтөө менен жаткыра чаап, шылып өтүүдө. Баштар шылк кыйшайып, денелер сулк кулап, туяк астында жатты.

Алоолонгон үйлөр гана байкалат. Аба күйүк, куйкум жыттанат. Бала жетелеген эне кабак беттеп качты да, жар ылдый кулап, тоголонуп барып, сай жээгиндеги калың бадал арасына кирип кетти. Артынан дүмүрөңдөгөн караандар да бадалга жутулуп жок болду.

Жедеп күнгө тозуп, курумшу болгон жабуу, үзүктөр шамана тиер замат от алып, түтөп, быкшып, аркан-жип үзүлүп, керегелер чарт-чурт күйүп, уuктар барс-барс сынып, кийиздер жылтырап күйүп, отту сүйүп, өрт тилине жалманып жатты. Дүйнөдө

жүндөн, туктөн, кебезден, жыгачтан жасалган буюмдар отко жакын тура, боз үйлөргө тирелген жүктөн соо бучкак калбай өрттөндү. Желелер, көгөндөр кыркылып, кулун-тай, козу-музоолор агытылып, жайытта, өрүштө энелерин таппай айдалган малдын артынан чачылды.

Бакан көтөргөндүн башын алып, айбат кылгандын кардын жарып, чапкынчылар күздөөгө конгон айылдарды биротоло кызыл уук кылып, тып-тыйпыл жыланачтаган соң, желе-жорто чабылган малдын артынан салды. Жылкылар, төөлөр, уйлар мурда кетти, кой-эчки бөлөк чубады. Таң жээк салып, ала көлөкө тоолор агара баштады. Өрт басаңдап, журтта катуудан казан, жумшактан күл, додо-додо кара комок калды...

Түндө бир оокумда чокуга чокмор жеген Эшкожо аттан жыгылган бойдон эндиреп жатып, таңга жуук гана элдир-селдир эсине келди. Чокмороктошкон коюу кан чокусуна уюп, саңсаң малакай менен шырыган кийиз топу чапташып, андан акырекке, көкүрөккө аккан. Кан уюган көзүн бир ачып жумду да, асман айланкөчөк болуп, башы тегеренип кетти. Козголууга дарманы келбей башы сол лыптасына шылк этип, дендароо боло түштү. Теребелде эми кишинеген ат, үргөн ит да жок. Томсоруп, бышшыган өлүү дүйнө.

Бадал арасында энесинин этегин бек кармаган бала ушунун баарын байкап турду. Тээ күңгөй тоо беттеринде улам адыр ашып, улам кыя кесип, улам өзөн кечип, башына малакай, үстүнө тескери тон кийген белгисиз атчандар калың мал айдап узап барат. Бала ушунун баарын байкап турду. Караандар узап кетти.

— Атам?.. Атам?.. — деп жиберди бала. — Атам кайда калды?

Бадал арасынан караандар башпакты. Бир туугандары экен. Аларды кучактап өөп, ыйлап жиберди эне. Кантип аман калышты? Акылын кара, каралдыларым. Кабак ылдый безилдешкен тура. Эшкожо эмне болду? Жылкы четинде эле, сойду го? Аман калса, Теңиримдин бергени. Мал-мүлк жерге кирсин, баш аман болсо табылар.

Таң аппак атты. Ар ким бадал арасынан, чий дүмпөсүнөн, борчук-борчук таш далдаасынан чыга келди.

— Оо, жараткан, бул не алаамат? Жер силкинди десек, пенденин кыянаттыгы тура. Жоо чапты... Тили буруу. Казактар эмес, кайрыдан калмактар шекилди.

Башы калтылдаган кары чал ушинтип кобурана караган-бутага корголоогон жаш айелмет, бала-бакыра, кемпир-чалды ээрчите басты. Айыл кыйрысын ургандай, коншу жылан сыйпагандай. Баакиси жылас. Ок тийген, кылыч шылыган, найза жеген, жебе сайылган өлүктөр жатат. Анык кокуй-алат арман күн, накта наалат-каргыш, ызы-чуу эми болду. Жакындарынан айрылган шордуулар баштарын койгулап, өлүктөрдү таанып, баса жыгылууда.

Эшкожо аттан учкан жерде жаткан. Ал таңкы ымыртта гана көзүн ачып-жумууга жарап, анан башы айланып, эстен танган. Ошол бойдон өлүүсүтирүүсү билинбей таң аппак аткыча шыраалжын арасында жатты. Төш таянып келген Айжан көзү антарылган жылкычыларды көрүп, өң-алаттан кетип, үрөйү учту. Артынан аптандап жеткен жети жашар бала жантыгынан жаткан чоюнбашка урунду.

— Атамкы! — деп жиберди шашкан бала. — Башына коргошун уюткан. Сабы табылгы, мына!..

Бала оор чоюнбашты көтөрө албай араң оодарды да, сабынан кармады. Айжан ошол тегеректи карап жүрдү. Тигиндей, элүү кез аралыкта чалкасынан түшкөн жылкычыны көрүп, жүрөгү оозуна тыгылды. Барбы, жокпу? Ушул ой гана мээсине кылт этип, үйрүлүп барып үстүнө түштү. Бала энесинин артынан жетти.

Эшкожо көзүн ачпады. Башынан аккан кан малакай астынан сарыгып, жаактарында, таноосунда, көз каканагында, жамажайында катып турат. Топчулугун чечип жиберип, кемсалдын төшүн ачып, Эшкожонун колтугун тыңшады. Колтук жылуу. Ымжам жаны бар. Тамырын кармады. Жибек тамыр билинер-билинбес илкийт. Күрөө тамырын басты. Тамыр көгөрүп, бакалоору кыймыл серпти. О, жараткан, тирүү! Айжан келме келтирип, тура калды да, тестиер уландарга кайрылып:

— Чапкыла! — деди. — Чапкыла! Өтөктө адашкан мал жүрөт. Кармагыла да чоң белекке чапкыла Айлыбызды калмактар чапты. Түктүүдөн мал кой бой олжолоп, майда белекти ойрондоду, кыйратты Мерт болгондор, майып болгондор, павыт болгондор

арбын. Өлүктөрүн алсын, өлгөндөн калганын көчүрсүн. Асман астында ачык жаткырбай илик-жилигин жерге жашырсын. Ит-кушка жем кылбасын!

Өспүрүм уландар туш-тушка бөлүнүп, адашып калган тай-кунандарды кармап, башына нокто катып, жайдак минген бойдон уруп-салып жөнөштү. Жети жашар бала жайдак кунандарга илинип, узап бараткан уландарды, өрттөлгөн айылдарды, кара комок куйүндүлөрдү бети-башына кан каткан, сулк жаткан атасынын жанында муңайып карап турду. Беш жашар иниси Матай экөө сузуп келген көнөктөгү суу менен Эшкожонун бетин ымдап, каткан каный жибитип, жүзүн чайып, малакайын, кийиз топусун этият сыйрып алып, чокмор тийген чокуну көрдү Айжан. Жараттын чок ортосунда жылуу кан жыбылжып турат. Бетти жууп, сала коймо жоолугу менен башты таңып, тонду чечип, астына салып, Эшкожону жантаймага ыңтайлуу жаткырды.

Дүйнөдө эчтеме болбогондой, эчтеме көрбөгөндөй, демейдеги эле ажайып күн чыкты. Күн муруту тоо беттерине чачырап, айлана жадырап, муң жуткан, чабылган, чачылган, өрттөлгөн айылдан бөлөк дүйнөнүн баары калыбында. Түндөгү дүрбөлөңдөн, жылкы дүбүртүнөн, төөлөрдүн боздогонунан, чаңырык, ызы-чуудан бүшүркөп, бараңдардын тарсылдагын уккан жакын кокту-колоттогу айылдардан ат коштогон, өгүз айдаган адамдар ар кыядан, ар белден түшүп келе жатты.

Эшкожонун агасы Эшим кабарды угар замат ордунан ыргып туруп, жайыттан аттарын алдырып, бир нече мингич коштоп, төө айдатып, чабылган айылга уруп-салып стуруп, күүгүмдө жетти. Ал өзү таанынан далай өлүктөрдүн үстүнөн чыкты. Таалайына жараша Эшкожо чала-жан экен. Айжан анын жаратын таңып, суу ичирип, башын жөлөп, караан таланып турганда Эшимдин төө жетелеп келип калышы көктөн тилегенин жерден берди. Төөнү чөгөрүп, комуна кош айырмач бекитип, Эшкожону алдына таңып, өзү артына минип, Күрмөнтү беттен жөнөштү. Коштоп келген аттарга тирүү калган катын-калач, кемпир-чалдарды мингизип, артына балдарды учкаштырышты. Жети жашар бала эч бир атка учкашпай жөө жөнөдү. Чарчаган жерде гана энеси Айжан какаарданып, ташка чыгарып, үзөңгү тептирип, эңип алды.

Өлүктөрдү түндөн калтырбай урук-туугандары атка, төөгө артып, чабылган айылдан узап кетишти. Чуру-чуу түшкөн үй-бүлө боздоп, ыйлап басылды. Журтта кара комок күйүндүлөрдөн башка колго аларлык, көзгө илинерлик эчтеме калган эмес. Түнү менен жол жүрүп, эртеси таңында Күрмөнтү менен Сары-Булак аралыгына каралуу үйлөр тигилип өкүрүктөр аба жарып, кошоктор кошулуп, шейит болгондор көрүстөндөргө коюлду.

Үч күндөн кийин чоң белек манабы Бекмурат жар чакыртып, топ курду. Тагдыр чечер жакшылар келди. Сөз калмак, казак, кокон чапкындарынан, түнкү ууру-бөрүлөрдөн мал-жанды, эл-жерди кантип коргоп, жайытты кантип чайпалтпай, бөксөртпөй сактап, кантип мал багуу, жан багуу жөнүндө, ынтымак, биримдик, тоют, жайыт, ыгым-чыгым жөнүндө болду.

Энесинин этегине эрмешип, аркасына учкашып келген жети жашар бала бул опсолоң, капсалаң, азалуу, каралуу окуяларды көзү менен көрүп, ушулардын баарына аралашып жүрдү. Ушунун баары анын эси-дартынан кетпей, көңүлүнө көйгөйлүү так болуп калды. Баланын энеси сарбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан, кадимки Атаке баатырдын кызы. Атаке түбү Түлкү баатырдын тукуму, баласы Карабек, Карабектен Жантай. Демек, Түлкү, Тынай, Атаке, Ормон, Жантай — баланын тайы.

Атаке баатырдын кызы Айжанды Эшкожонун агасы Эшим алмак. Бирок күйөөлөп барган күнү Эшим асманды карап: «Опээй, биздин ай бизди ээрчип, быякка келип калыптыр да», — деп делдейгенде өргөөдө сынап отурган Айжан: «Э, кокуй, күйөө аңкоо неме беле? Мындан түзүгү жок бекен?» деп, Эшимди чанып коёт. «О, каакы, кайындаган жериңди чапба. Калыңын жеп койгонбуз. Жок дегенде эки бир тууганды бирин танда» — деп энеси безилдеген соң, Эшимди эмес, анын иниси Эшкожону жактырат.

Баатырдын кызы болгондуктан, күйөөнү өзү тандап, кудалаган Эшимге эмес, иниси Эшкожого башын байлайт Айжан. Ошондон тартып кайненеси Айжан дебей, Айжылан деп чакырчу. Айжан этинен эт кессе кыңк этпеген, жыландай чыдамкай, колдон суурулган чыйрак чыгып, Айжылан деген атка татыктуу болот. Кайненеси: «Келиниме көз тийбесин

деп, Айжылан дейм, ошондой эле болсун» деп актанчу.

Айжан кошкат болуп боюна бүткөндө ичиндеги аманатты көтөрө албай ооруп калат. Желкайып абалында төшөктө чабалактап жатканда алдаяр тукумунан даанышман, дарыгер Мойт-акени алдырышат. Ал киши тамырын кармап, көзүн ачып көрүп эле, «Катыгүн ай, келин оору эмес, талгак болуп жатат. Жолборс жүрөгүнө талгак. Аңчыларды Иле боюна аттантып жолборс чаптыргыла. А болбосо көкжал карышкыр аттыргыла. Экөөнүн бирөө жагат. Жолборс жүрөгүнө талгагы канат. Карышкырдыкын жесе, саал мойну жоон болуп калат. Мойну жоон бала тил албай өз билгенин кылаарын көрө жүрөрсүңөр» дейт. Аңчылар Иле боюна жолборс чапканы аттанат. Ошол жылы жолборс тукуму оошуп, жер которуп кеткендиктен, жолу болбой көкжал карышкырдын жүрөгүн алып келишет да, шүүшүн бышырып жедиришет. Айжандын талгагы канат. Бирок бала төрөлгөндө бир чеңгелине кан, бир чеңгелине тон комогун уучтап түшүп, шилиси буржуюп, бир моюн болуп калат.

Эшкожо Каркыра багытта көчүп-конуп жүргөн, бир айыл ага-туугандарын эттен-аштан өксү кылбай, күзүндө куш салып, кышында сонорлоп, тир камчы, чырга сүйрөтүп, каргы тагып, тайган агыткан аңчыканкачы эле. Жазында кой туудуруп, кышында жылкы кыштатып, Чоң Сары-Булак, Чоң Ак-Булак, Чоң-Жылга, Кичи-Жылга, Кышната, Табылгыты, Көкөс-Карагай, Бөкөн-Булак, Капа-Булак, Бака-Булак, Таш-Булак, Кутурган-Булак, Чоң-Таш, Чоң-Кет, Деңгелек-Саз, Миң-Жылкы, Үлар-Баспастын коктү-колот, жылга-жыбыт, булуң-буйткаларында мал менен, ал менен жай оокат кылып, күн кечирген кудайы момун экен.

Бир күнү уудан келатса, алдынан такабай элинин карыясы жолугуп, көргөн түшүн айтат. Анын түшүн угуп, ичинен баласына жоруп, үйүнө келсе, аайыбы балканактай уул төрөп койгонун көрөт. Бул мунушкөрлөр куш салып, аңчылар сонорлоп калган 1791-жылдын тогуздун айы болуучу. Карыянын түшү түшүп келип, баланын атын Балбай коёт. Балбай жерден боорун көтөргөндө эле атасы кайда барса, өзү менен кошо ала жүрөт. Бала жетиге чыкканда калмак жортуулунан айылы мүлдө чабылып, Эшко-

жо чокуга чокмор жеп, баш сөөгү былкылдап, сол көзү соолуп айыгат. Жыл маалы дегенде Эшкожо адам катарына араң кошулат.

Мына бул Каркыра багытта жай оокат кылып жаткан бугу кыргыздарынын майда бөлек айылын капыстан өңүп, камынтпай кол салып, капылеттен аңдып келип чапкан кимдер эле? Бир кезде маньжу-кытайлардын Цин империясы таш-талкан кылып кыйраткан күчтүү Жоңгор мамлекетинен калган, Иле боюндагы адам барбас капчыгайларда, ууру жарларда жашынып жан баккан жарым жапайы калмак черүүлөрү болчу. 1757—1759-жылдары маньжу-ханьсу колбашчылары Жоа Хоа менен Фу Дэ миллион ашык калмакты кырып, кырылгандан калганы Орусиянын чеке-белиндеги аймактарга кире качкан. Ошолордун бир даары кыргыздашып, Каракол суусунун боюндагы кокту-колоттордо калган.

## IV

Моголстан хандыгы менен Жоңгор хандыгы кулагандан кийин кыргыздарга Коконон коркунуч туулат. Кокон хандыгы XVIII кылымда аскербашылары башында турган, жакшы куралданган, согушка даяр сыпайы сарбаздары бар күчтүү мамлекет болуп өсүп чыгат. Алим-хандын тушунда (1800—1809) Фаргана, Маргалаң, Анжыян, Наманган өрөөнүн бир муштумга бириктирип, кулачын кенен жайып, чек араларын жылдырып, эч кимге көз карандысыз жай жашап жаткан майда мамлекеттерди, чачкын элдерди басып алуу аркылуу батыш менен чыгыштын кербен жолунда турган чоң мамлекетке айланат.

Алим-хан карамагындагы элдерден күч менен аскер курап, анын чыгымын (аскер курсагын) букаранын мойнуна жүктөгөн. Жортуул алдында вилайеттерге, дубандарга, акимдиктерге, «астында аты, үстүндө жарагы бар, кылыч чабууга, мылтык атууга, найза саюуга жараган ар бир эр-бүлө Кокон хандыгына кызмат кылат. Баш тарткандар жазага тартылат, мүлкү казнага өтөт» — деп бүтүм чыгарган. Атүгүл боюнда бар аялдардын аманаттары да анын [illegible] болгон.

1809-жылы Алим-ханды уюшкан кутумдар өлтүрүп, ордуна иниси Омарды хан жарыялашат. Анын

тушунда Бухара эмирине каршы жортуул жүрөт. 1815-жылы Түркстан, 1818—1819-жылдары Чымкен, Сайрам, Олуя-Ата аймагы багынат. Борбордук бийликти бекемдеш үчүн жер-жерлерге акимдик дайындап, миңбашы, кушбеги, даткаларды койгон. Коокон хандыгына караган кыпчак, кыргыз, сарт, тажик, казак, уйгур элдеринин тили, дили, дини, салты, жалпы улуттук көрүнүшү жакындыгына карабастан, социалдык-экономикалык абалы бирдей болгон эмес. Булар хандын басып алып, көз каранды кылганына жараша алака кылган, бир даары отурукташып, шаар, кыштакта күн көрсө, бир даары мал менен көчүп-конуп, тоо-ташта жашаган.

Омар-хандын тушунда аскербашылар Сейидкул-бек менен Бек-Назар түштүк Кыргызстанды жана түндүк Кыргызстандын айрым жерлерин Коокон хандыгына каратат. Алардын жортуулдары жөнүндө Наливкин мындай деп жазган: «Кетмен-Төбө сепилине коокондуктар түн ичинде кол салды. Анда жашагандар түн жамына качты. Узун-Акмат боюндагы элди талап, тоноп, Сейидкул-бек салтанат менен Кооконго кайтты да, хандан алган сый-урматка карк болду». 1822-жылы Омар-хан багыш уруусуна кирген кутлук-сейит уруктарын Ош аймагында жашаган сарбагыштарга каршы тукурат. «Кутлук-сейиттерге Бек-Назар башында турган хан сыпайылары жардамга келди. Жаш бала, кемпир-чал, катын-калач дебей кырып, олжого тунуп, күтүрөтө мал айдап, кыз-келиндерди туткундап, Бек-Назар Кооконго кайтты» деп жазган.

1822-жылы Омар-ханды өлтүрүшүп, ордуна Мадали-хан отурат. Анын тушунда Каратегин, Дарваз, Куляб аймагы каратылат. 1826-жылы Алайга Кызыл-Коргон чеби салынат. Эми Коокон хандыгы Кытайдагы Чыгыш Түркстандын ишине кийлигишет. Ал кезде батыш Кытайдын букарасы маньжу өкүмдарлыгына каршы көтөрүлүшкө чыгып калган. Көтөрүлүштү пайдаланып, Коокон сыпайылары маньжу-ханьсу аскерин талкалап, Кашкар менен Турпан тарантагы элди Фаргана, Анжыян багытына оодарат. Ошол эле жылы Мадали-хан күчтүү куралданган сыпайылар менен Ташкен акими Ляшкар кушбегин түндүк кыргыздарды багындырууга жөнөтөт. Ал Ташкенден чыгып, Олуя-Атага жүрүш жасап, Чиназ, Мерке, Чүй өзөндөрүнөн өтүп, Ысык-Көлгө келет. Ошол эле жы-

мы Иле дарыясынын боюндагы албан-дубан казактарына чейин жетет.

Фарганадан жөнөткөн Хак-Кулу Көк-Артты ашып, Нарын дарыясын бойлоп, борбордук Тяншанга бет алат. Жибек жолу аркылуу бул жерлерден ары-бери өтүп турган соода кербендери, тыңчылары кагылыштардан, көтөрүлүштөрдөн алсырап калган кыргыз жерлерин изилдеп, байкап кетишкен. Чачкын кыргыздардын саясий-социалдык абалы, аскер күчтөрү, экономикасы өтө начар эле. Анан калса, кытай империясы менен орус империясынан кооптонгон уруу башчылар Кокон хандыгынын калкасында болууну каалашкан.

Тышкы абалда Цин империясынын алсырай баштаганы Кокон үчүн мааниси чоң болду. XVIII кылымдын орто ченинде Кытай батыш өлкөлөрдүн, айрыкча Англиянын агрессиясына кабыла баштаган. Кала берсе, маньжур баскынчыларынан таланган жана өз төбөлдөрүнөн эзилген дыйкандар империяга каршы көтөрүлгөн. Өз төбөлдөрүнүн арасында чыккынчылык да, паракорлук да күч алган. Кытай барган сайын батыш өлкөлөрүнө көз каранды болуп, базары түшүп, соодасы түгөнүп, өзү иштете албаган чийки сырьёсун жөн эле жөнөтүп турган. 1823-жылы Шандуньда, 1825—1826-жылдары чыгыш Туркстанда, 1860—1870-жылдарда Шэньсиде дунган-кытайлардын көтөрүлүшү тутанат. Мындай шартта маньжу өкмөтү Кокон хандыгынын басып киргенине эчтеме кылалбай калган.

Кокон хандыгынын ийгилигин камсыз кылган дагы бир шарт — кыргыз урууларынын өз ара кармашы. Көтөрүлүштөрдөн кийин Цин империясына көз каранды болбой өз алдынча калган кыргыздар арасында уруу чабыштары күч алат. 1820-жылы солто уруулары сарбагыштар менен чабышат. Солтолорго коргоочу болуп, жардамга келген кокондуктар эч тоскоолсуз эле 1825-жылы Бишкек чебин тургузат. 1820—1830-жылдарда уруу чабыштар сарбагыш менен саяктардын, бугулар менен саяктардын, сарбагыштар менен бугулардын ортосунда тынымсыз болуп турган. Бул кагылыштарга Кокон хандыгы кийлигишип, бир тигил, бир бул урууга жардам бере коюп, чатакты ырбатып, элди көкүтүп, алаксытып салып, сепилдерин сала берген. Жеңилген тарап калка издеп, кайра эле Кокон хандыгына өзү келип турган.

1830—1840-жылдардагы эчен ирет кайталанган чабыштардын эң ириси сарбагыштар менен саяктар ортосунда болот. Сарбагыштар басып алган жайыттарды, өзөн-сууларды кайрып алыш үчүн Жумгал, Ак-Талаа, Суусамыр, Кетмен-Төбө, Чүй өрөөнүндөгү саяктардан күч топтоп, кол курап, сарбагыш Ниязбектин сегиз беги тартып алган жерлерге кирип келип, айылдарын мүлдө чаап, кыйратып, желесин кыркып, келин-кызын байлап, малын айдап жөнөшөт. Аларга жооп кылып, Эсенгулдун Ниязбеги Кемин, Чүй, Кочкор аймагындагы сарбагыштардан күч топтоп, саяктардын кошуундары менен Шамшы капчыгайында беттешет. Күч эки жакка оой турган нечен күндүк кандуу салгылаштардан кийин Ниязбек топтогон кол талкаланып, сарбагыштар жеңилет.

XIX кылымдын экинчи жарымында уруу чабыштар күч алат. Саяктардын башында турган Медетдатка Кокон хандыгына кайрылып, алардын жардамы менен бугуларды талайт. Бугулар менен чабышта ноот болгон туугандарынын арбагына аш бердирип, колго түшкөн кулдардан байге сайган. Андан соң Качы-бий Кокон хандыгынын жардамы менен бугуларды дагы чабат. Бугулар Түп өзөнүн бойлоп Каркырага, андан Кытайга ашып кетет. Кандуу кармаштардын биринде Качы бий ноот болот. Үч мертебе бүлгүнгө учураган бугулар акыры күч топтоп, саяктарды, анан сарбагыштарды чабат. Кармаштардын биринде бугулардын колбашчысы Балбай колго түшүп калат. Саяктарга болушкан сарбагыштар Балбайды орго салдырат.

Кыргыз урууларынын ирилери болгон саяктар менен бугулардын кармашы өөрчүп отуруп, акыры эки тарапты тең алсыратып тынат, эки урууну тең жанаша жашаган элдерден, мамлекеттерден жардам сурообого аргасыз кылат: саяктар Кокон хандыгы менен сарбагыштарга, бугулар Кытай өкмөтү менен орус империясына кайрылат. Ошентип, Кокон баскынчыларына каршы күрөшүүгө кыргыз урууларынын өз ара биримдиги болгон эмес. Алар майда урууларга бөлүнүп алып, алысты көрбөгөн, өз кызыкчылыгын көздөгөн, элдин абалын ойлобогон манаптар башында тургандыктан, жалпы биримдик ыдырагандыктан, кыргыз жерлерин каратып, элди эзип турууга ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

Кокон баскынчыларына каршы биринчи соккуну

борбордук Тяншанда жашаган уруулар урган. Кашкар бийлигине каршы кожолордун көтөрүлүшүнө катышкан, Кытай черүүлөрүнө сокку уруп турган көчмөн саяктар башка урууларга караганда жакшы уюшкан. Алардын уютулган куралдары, наркескен кылычтары, от чачкан мылтыктары, салдырган чептери, тоо-ташка мүргүбөй жүргөн тукур аттары болгон. Алардын башында жоокерчиликке машыккан Атантай менен Тайлактай баатырлары турган. Алар Кокон баскынчыларынын Нарын бойлоп жүргөн жортуулдарына чоң каршылык кылып, жети миң атчан сыпайылардан турган, мыкты куралданган аскеринин жарымынан көбүн кырган. Кандуу кармаш Куртка чебинин өзүндө жүргөн. Көп күнкү коргонуудан кийин саяк жоокерлери жеңилип, алардын колбашчылары Атантай менен Тайлак баатырды колго түшүрүп, сарбаздар чептерди ээлеп, Кокон бийлигин орноткон. Хак-Кулу 1832-жылы Тогуз-Торо чебин, Нарын чебин, Атбашы чебин курдурат. Эч каршылыксыз, тоскоолсуз Чүй өрөөнүнөн өткөн Ляшкар кушбеги Ысык-Көлдө бугулардын каршылыгына учурайт. Бирок кол башчысы Балбай туткунда, ордо жаткандыктан бугулар чегинет да, кокондуктар көл кылаасына Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөң чептерин салдырат. Андан ары жүрүп, Ляшкар-кушбеги Иле тарантагы кытайлардын Сибо чебин ээлейт. Кокон хандыгы мындан кийин Кетмен-Төбө, Мерке, Чаек, Талас, Чаткалга Чыназ, Памирге Бостон-Терек, Чоң Алайга Дароот-Коргон чептерин салдырат.

Бийик тоолор менен курчалган ар кайсы коктулардын ыктоолорунда жашаган, өз ара тытышып турган кыргыз уруулары, айрыкча кыш мезгилинде бири-бири менен катташа албай кокон баскынчыларына, казак жүздөрүнө, калмактарга жем болуп турган. Аларга каршы күрөштө алсыз, куралсыз, ынтымаксыз болгон. Жоокердик тартип, стратегия, тактика, жакшы куралданган аскер деген, аларды азыктүлүктөн, ат-жабдыктан, ок-дарыдан камсыз кылып турган оорук деген болгон эмес. Тескерисинче, кокондуктарда ок атуучу куралдар, бир атма мылтык, тапанча, кытайча замбирек, ядро, тартинке, катарга, салка үйрөнгөн, аскер кийимин кийген, чепте жашоого көнгөн сарбаздары, көзгө атар мергендери, айбалта, кылыч, найза менен жарактанган, жакшы аттуу сыпайылары болгон. Айрыкча айлакер кокондуктар-

дын жортуулу кышында коркунуч туудуруп, ачык аймактарда, кыштоолордо жашаган жайдак кыргыздарды алапайын таптырбай кырган. Жайдагыдай торпу-торпу тоолорду ашып качалбай, кирерге ийин табалбай баштагы шамдагайлыгын, камбылдыгын, аракетин жоготуп, кыргыздар малын да, жанын да чаптырган.

Кыргыз уруулары административдик жактан Кокон хандыгына баш ийген бир нече дубандан, дубандарга караган акимдиктен, аймактардан туруп, жыл сайын ыгым-чыгым, алман, зекет, мал, дан, тери, жүн төлөп турууга мажбур болгон. Кокон чептеринде хан бийлигин бекемдеп турган куралдуу сарбаздар, атчан сыпайылар турган Кыргыз бийлери жер-жердеги Кокон бектеринин буйругун аткарып, аларга толук көз каранды болгон. Кыргыздарга көз салып турган кокондук элбегилер салыктарды, зекеттерди, битирлерди жыйноо менен алып сатарлык, кызыл кулактык кылып, соода-сатык жүргүзгөн. Кокон чептеринин тегерегине кол өнөрчүлөр, кандоочулар, чайкоочулар, далдалчылар, бакалдар, дүкөндөр, кушканалар толуп кеткен.

Бир жагынан эркин ой жүгүрткөн көчмөн кыргыздарды думуктуруп, ислам дини аларга курал болгон. Кокон чептери турган калааларда мечиттер салынып, эшен, калпа, сопу, молдолор дин үгүтүн таратып, элди алдаган көзү ачык, дервиш, балчы, төлгөөчү, эмчи, домчу, дарымчы, бадикчи, календер, кайырчылар толуп кеткен. Ислам дининин жардамы менен хан бийлигин бекемдеп, көчмөн элди кың дедирбей таазим кылдырган, кулдук урдурган. Кокон хандыгында күч зордугу, зулумдук, өкүм, жаза кеңири колдонулган. Кокон чептеринде зындан, түрмө, орлор коюо салынган, даргалар орнотулган. Анда кыргыз элинин эр жүрөк баатырлары жазаланган, барымтага кармалып, кун төлөнчү туткундар камыгып отурган. Казыкка отургузуу, баш кесүү, тил кесүү, биттөө сыяктуу кыргыз билбеген жазанын түрлөрү киргизилген. Кокон бийлиги ар дайым кыргыз урууларын кайраштырып, чабыштырып, биримдиктен ажыратып, ынтымагын ыдыратып, өзүнө каршы чыгууга батынтпай, алсыратып келген.

1842-жылы Бухара эмири Насрулланын Кокон ханы Мадалини талкалашы кокондуктарды көп жагынан алсыратып таштады. Бардык жерде Кокон бий-

лигинен кутулуу аракети башталат. Ошол жылы Ысык-Көлдөгү бугу уруусунан көтөрүлүш чыгат. Кокон хандыгынан аскер күчтөрү жиберилбей же башка жактан жардам келбей, Кокон чептери көтөрүлүштөрдү басууга шаасы жетпей калат. Чептерде жайгашкан сарбаздар менен сыпайылар качууга аргасыз болот. Туткундан бошонуп элди көтөрүлүшкө алып чыккан Балбай Эшкожо уулу, Кылыч Кирке уулу, Өмүр Жанек Балбак, Матай, Тагай, Ашырбай, Жунуш деген кара букара баатырлар башында турган каракелтек Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөң чептерин талкалап, кокондуктарды көл аймагынан кууп чыгышат. Мадали-хандын өлтүрүлүшү менен Ысык-Көлдө гана эмес, Тяншанда, Чүйдө, Таласта, Чаткалда, Алайда, Анжыянда кыргыздар Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы уюшкандык менен чыгышат. Куртка, Кызыл-Коргон, Нарын, Дароот-Коргон чептери кыргыздардын колунда калат да, алар эми салык төлөөдөн баш тартышат.

Мадали-хандан кийин ордону Бухара эмиринин мураскору Ибрагим-Хаял ээлейт. Андан соң Бухара эмиринин көп сандуу аскерин талкалап, ордону миңбашы кыпчак Мусулманкул алат да, Таласта жүргөн Шераалыны хан көтөрүп салат. Мусулманкул ордого аталык (регент) болгон. Бирок ал жокто ордодо уюшулган кутум Шераалыны өлтүрүп, ордуна Мурадбекти хан кылат. Ал жети күн гана хан болот. Анын алайлык кыргыздардан турган аскерин талкалап, Мусулманкул Шераалынын уулу Кудаярды хан көтөрөт да, ордону башкарууну биротоло өз колуна алат. Бирок бул кутумчул сарттарга жакпайт. Алар Кудаяр-ханды Мусулманкулга каршы коюп, аталыкты туткундап, жазага тартышат. Анын ордуна Касым миңбашы турат. Он миңдеген кыпчактарды кылычтап, ычактап, кескилеп өлтүрүшөт.

Ошентип, кыргыздар Кокон хандыгынын үстөмдүгүнөн кутула баштайт да, тоо-ташта эч кимге көз каранды болбой, эч кимге алык-салык төлөбөй убактылуу болсо да эркинче жашап турат. Тили, дили, салты, үрп-адаты, коомдук түзүлүшү, бардык жашоо турмушу жагынан бири-бирине окшош, боордош казак, кыргыз эли өз эркиндигин коргогон күрөштө, тарыхтын ар кандай мезгилдеринде бирге болгон. XV—XVI кылымдарда Моголстан хандыгына, XVII—XVIII кылымдарда Жоңгор үстөмдүгүнө каршы күрөштө

бирге чыгышкан. Бирок кыргыз эли менен казак элинин мүдөөсүнө каршы аларды башкарган төбөлдөр бийлик талашып, жер, суу, өзөн, жайыт үчүн касташып турган. Мына ушул кастык кол астындагы букараны кандуу кармашка салган.

## V

Казактардын Аблай-хан тукумунан чыккан Кенесары Касым уулу өзүн хан жарыялап, казак менен кыргыздарга ата-бабасынан калган үстөмдүктү орнотууну көздөп, ошол кезде колония кылуу саясатын көздөп келаткан орус империясына каршы чыгат. Оренбург, Омск, Орол, Орск, Тобол, Томск, Жайык чептерин орнотуп, казак талаасынын дал ортосуна, жүрөгүнө жылып келаткан орус аскерлери менен бир нече мертебе кагылышат. Аягында алсырап, Көкчө-Тоо жактан сүрүлүп, Сары-Арканы таштап, Жети-Суудагы казактарды карай жыла баштайт. Бул жерде ал казактардын улуу жүзү менен түндүк кыргыз урууларын бириктирип, падышалык Орусияга, анан Кокон хандыгына каршы күрөш ачуу максатын көздөйт. Бирок орус букаралыгына өтүүнү каалаган казактар менен бугу кыргыздары анын бул максатына каршы чыгат. Кыргыздар менен жер талашып жүргөн казак төрөлөрү Кенесары кыймылына кошулуп, кыргыздарга аттанат.

1846-жылы орустарга каршы согуш ачуу үчүн Кенесары кыргыздардан аскер, алык-салык талап кылып, өз өкүлдөрүн жөнөтөт. Кыргыздардан жооп болбогондуктан, Кенесары көп кол курап, мурунку өлгөн казак баатырлары Бердикожо, Көкжал, Барактын кунун аламын деп, Чүй суусунун аягынан, Олуя-Атанын үстүндөгү Жалпак-Төбөдөн кирген. Андан бери жайлап жаткан кушчу, саруу урууларына Акыр-Төбөдөн кол салып, уруш Кара-Балтага чейин улanат. Күч тең болгондуктан, эки жак жеңишке жетишкен эмес. Ошол учурда кушчудан жардамга келаткан Бүргө баатырдын Калча деген уулу жети жүз жигити менен казак колуна капталып, колго түшүп калат. Кийин барган элчилерди тоотпой, «элчи менен ырчыга жаза жок» деген шартка болбой, кыргыздан барган Чыны уулу Тынаалынын жигиттерин муздатып, өзүн жол бириттирип, кыргыздарга кайра да кол салат.

Ал колун үчкө бөлүп, оң канатына Эржан төрөнү

колбашчы кылып, сарбагыштарды багыттатат, сол канатына иниси Ноорузбайды колбашчы кылып, солтону беттетет, өзү борборун башкарып, Бурананы бет алып жөнөйт. Ал кезде солто уруусу Олуя-Атага чейин жайлачу. Казактын ботбай уругунан чыккан Супатай баатыр кыргыздар менен коңшулаш жашап, солтонун Жангарач манабы менен достошуп, барып-келип, сыйлашып жүрчү. Ага Кенесарыдан «кыргыздарды чабабыз» деген кабар келгенде «менин кыргыз деген жоом жок» деп жооп берген. Кенесары аны да чаба турган болгондо Жангарач бул кабарды угуп «Супатайга айт, Меркиден тартып, Олуя-Атага чейинки созулган кенен жерди берейин. Аркадан келген Кенесары менен Наурызбай акыры кетип калат, анан экөөбүз эле калабыз, жоолашып жүрбөй кең жайыкты бирге жайлайлы» деп айттырат. Кенесары акыры кетип калса, кыргыздар мени да Аблай өлгөндөн кийин Бердикожону чалкандай кылбасын деп, анын колуна кошулгусу келбейт.

Ошол учурда сарбагыштарга бет алган Эржан төрө башында турган казактар чабуул коюп кирип келет. Эртең менен башталган кармаш кечке чейин созулат. Эки жактан тең эл көп кырылат. Кыргыздын Калпак, Ормонбек, Суванбек деген баатырлары опот болот. Казактар убактылуу жеңишке жетип, желелерди кыркып, малды айдап, кыз-келинди туткундап, айылдарды талайт. Ошондо Супатай айтат: «Хан Кене, эртеден кыргыздын чабагы менен чабышкын, чаяны эми келди. Сурнай, керней кыргыз ханынын белгиси» дейт.

Кенесары Ормонго кат жаздырып жөнөтөт: «Менин мында келген себебим, силер менен касташып, кан төгүү эмес. Казак менен кыргыздын башын кошуп, Кокондон бөлүп, дегеле кокондуктар менен орустарды чегибизге жолотпой биргелешип сокку уруу. Арабызда көңүлгө жакпаган иштер болуп өттү. Эми өткөндү унутуп, бирибизге бирибиз кечирим кылып, салават жарыялайм. Кек сактабагандын белгиси катары Калча баатырыңарды эки жүз жигити менен бошоттум. Катты аларыңар менен кусаматты алып салып, жарашуунун, таазым кылуунун жакшы салтын кылып, алдыма келгиле. Барыбызды бакыт жылмайсын. Эгерде бул сунушум көңүлүңөргө жакпай, кастыктан кайтпай турган болсоңор, тагдырыңарга таарынбагыла, өз убалыңар өзүңөргө!»

Кыргыздарды баш ийдирүүнү Кенесары Коқон хандыгын жана орустарга каршы бирге күрөшүү ураанЫ менен далдалаган. Кыргыз манаптары өз ара кеңешип, эч кимге көз каранды болбой турганын, анын талабын аткара албай турганын билдирип, кол салса согушабыз деген бүтүмгө келип, солтолор Аламүдүн суусунан Буранага чейин, сарбагыштар Чүй суусунун боюнан Теке-Секирик тоосуна чейин, бугулар Боом капчыгайынан жол тосот. Шамшы капчыгайы менен Он Бир Жылгадан балбылдаган отторду көрүп Кенесары Супатайдан сурайт: «Баатыр, анау нелер?» Супатай айтат: «Ханым, тоонун ичи толгон кыргыз, ошолор келип жатса керек». Кенесарынын жүрөгү опкоолжуп калат. Эртеси жылгалар чаңдап, колоттор түтөп, сансыз от алоолоп, керней, сурнай тартылганын угат.

Ошол кезде Ормон менен келген сарбагыштар да, ал берген белгиден саяктар да, сурнай үнүн уккан солтолор да, бугулар да туш-туштан качырып, чабуулга өтөт. Бир жактан жер бетин бербеген оттор, чаңдаган колоттор сүр болуп, сансыз кол болуп көрүнүп, казактар качууга бет алат. Ормон качкан жоону Токмоктун үстүндөгү жылгын башынан сүрүп, Мыкандын кара сазына батырат. Адегенде Эржан төрө колго түшөт. Ал Кенесарынын жээни болгон. Кара Кастектен Ноорузбай качып чыгат. Анын артынан сая түшкөн Тынай уругунун Дайырбек, Калча деген жигиттери кармап келишет. Кенесарыны Теке-Секирик тоосунун Кара-Кунуска жакын жердеги тынай уругунан чыккан Кармыштын уулдары кармап келет.

Кенесары өлөр алдында: «Эй, сакоо кыргыз, абалы ханыңды көрсөт мага, анан өлтүр!» дейт. «Ханды көргөн баш аман калат. Сенин кылбаганың барбы кыргызга» деп башын ыргыта чабат Калыгул. Мурда Калыгул Кубат уулу элчиликке барган кезде кордоп, мазактап койгону эсинде экен. Анын үстүнө көп эл кырылып, кыргыздардын жаны ачып турганда колго түшүп калган. Мунун чындыгын андан он жыл өткөндөн кийин келген орус окумуштуусу М. Венюков менен Токмок уйөзүнүн башкаруучусу полковник М. П. Пушин ырастайт. Венюков Кенесарынын жырткычтыгы кыргыздарга ушунчалык тийген экен, алар анын башын кесип, эти шылынгыча кайнатып, баш сөөгүн Калыгул аркылуу батыш Сибирдин губерна-

тору Горчаковго алып барып беришкенин эскертет. Кенесарыны өлтүргөндүгү үчүн Ормонго подполковник деген наам ыйгарылып, он кишиге алтын медаль тапшырылган. Бул 1847-жылдагы окуя, Кенесары 45, Ноорузбай 25 жашында тамам болгон.

Чынында Кенесары менен Ноорузбайдын кыргыздарга кылбаганы жок. Кары-жаш, катын-бала, кемпир-чал дебей аёосуз кырган. Солтолор жердеген мүлдө айылдарды өрттөп, мал-мүлкүн тонол, келин-кыздарын зордуктап, жигиттерин кул кылып, байгеге саят. Буга кыжыры кайнаган эл Ормондун колуна кошулуп, Кенесарыга каршы бүтүндөй түндүктөгү кыргыздар көтөрүлөт. Ошондуктан, Ормон, Төрөгелди, Жантай баштаган сарбагыштардын колуна Боронбай, Балбай, Муратаалы баштаган бугулар, Алыбек баатыр баштаган саяктар, Жангарач баштаган солтолор кошулуп сокку урган. Кенесарынын колу он миңден ашык атчандар айбалта, кылыч, найза, чокмордон тышкары, эки замбирек, 1500 мылтык менен куралданган. Ошого карабастан, ал кыргыздардын улуттук-боштондук мүнөзүндөгү каракелтек көтөрүлүшүнө урунган.

Кенесарынын ырайымсыздыгына бир гана мисал: улуу жүздөгү казак баатыры Шооруктукуна кыргыздан тийген жылкыларды кайрып алуу үчүн солто баатыры Жаманкара келет. Шоорук Кенесарыга тымызын киши жиберет. Кенесары жигиттери менен келсе, Жаманкара Шооруктун үйүндө конок болуп жаткан экен. Кенесарыны келекелеп: «Мм, сакоо кыргыз саңырсып казактын төрүндө конок болуп жаткан турбайбы. Жытың жаман жыттанып турат, биттеп-куштап келсең керек. Сен качан мончого түшчү элең? Чеч көйнөгүңдү, кумурсканын уюгуна жайдырып, битиңден арылтайын» деп мазактап, жигиттерине жылаңачтатып сабатмак болот. Жаманкара ачуусу келип: «Маңка казак, эмне деп кекжирей жатасың? Бит менен казактын жүрбөгөн жери барбы?» деп бетине жаба түкүрөт. Каарданган Кенесары жигиттерине колу-бутун байлатып, өзү канжары менен ичин жарып, бөйрөгүн суурун алат. «Эми кандайсың?» дегенде: «Дагы эле эңендн минүүгө жарайм» деген экен. Жаманкараны кескилеп, жырткычтык менен өлтүрөт Кенесары.

Кыргыздарга бул кабар толугу менен угулат. Ошондуктан, жырткычка жырткычтай өлүм деп, ба-

шын кесип алып, денесин көмдүрбөй таштаткан. Анын өлүгү дардайып, көпкө чейин көөп жаткан. Кийин ит-кушка жем болгон деген кеп бар. Ошондон улам «Кенесарынын өлүмүндөй ит өлүм болбо» деген сөз калган. Кенесарыдан эмне арманың бар дегенде: «Биринчи арманым — кыргыз, казакты баштап барып, Эдил менен Жайыкта орустарга каршы согушпадым. Экинчи арманым — Улуу тоодогу хан казнасы ачылбай калды. Үчүнчү арманым — энемди эрге бербей калдым» деген экен дешет.

Кенесары талкалангандан кийин Ормон өзүн хан жарыялайт. «Кыргызда бир гана кызыл тебетей болуш керек» деп, ак кийиз жайдырып, ага отуруп, бүтүндөй түндүк кыргыздардын төрөлөрүн кол куушуртуп, өзүнө таазим кылдырат. Түндүк кыргыздардан ажырап калбас үчүн Кудаяр-хан куралдуу сыпайыларын жөнөтөт. Алар менен Ормон-хандын аскери Олуя-Атанын алдынан беттешип, жеңишке ээ болот. Кенесарынын талкаланышы орус отряддарынын түндүк Кыргызстанга келишине шарт түзөт. Алар Жети-Сууга тереңдеп кирип, алгач Капал сепилин орнотот, андан кийин Аягөзгө чейин бекеттерин коёт. Иле боюнан Каркырага чейин казак, кыргыздарды колония кылып, өзүнө каратуу саясаты башталат.

## VI

Балбай жашаган доор мына ушундай кыйын кезең, кысталыштуу жоокерчилик заман болгондуктан, калмак жортуулдарынан, казак чапкындарынан, Кокон хандыгынан, Цин империясынан, анан Оруссиянын колониялык саясатынан Ата журтун коргоп, кандуу майдандын чордонунда болуу ар бир эр-бүлөнүн башына келген. Ошондуктан, кыргыз баласы эс тарткандан эле ат жалын тартып, азоо үйрөтүп, укурук сүйрөтүп, бука чүлүктөтүп, төө комдоп, чайыр сыдырып, шамана жагып, көмүр өчүрүп, барскан согуп, көөрүк басып, темир талтап, айбалта саптап, каскак коншоп, кылыч чаап, чокмор урууга машыккан.

Балбай жети жашынан козу кайтарып, тогуз жашында торпок минип, кой кайтарып, он эки жашында тай минип, жылкы айдашып, Күрмөнтү, Сары-Булак, Шаты, Ичке-Суу, Талды-Суу, Көөчү, Корумду, Чоң-Таш, Кең-Суу, Сан-Таш, Сары-Тологой, Миң-Жылкы конуштарын, өрүштөрүн, жайыттарын аралап, коён-

дун жатагынан аюунун чээнине чейин билген. Он төртүндө биринчи ирет душман менен беттешип, он бешинде чабылып кеткен жылкыга тийип, он алтысында бугуларга ар дайым катылып, айылын чаап турган калмактардын мизин кайырган. Он жетисинде Түптүн Кара-Баткагына буктурма койдуруп, капылеттен чыга калып, «балбайлатып» ураан чакыртып, Миң-Жылкыдан жылкы чаап келаткан көп малды ууруларда́н ажыратып калган. Ошондон улам айтылган:

Баатырды бала кезден эли билген,
Жоо чалып, жоо бетинде өзү жүргөн.

Балбай эр жеткени бел чечип жаткан эмес. Дайыма ат жалында, дайыма жылкы четинде жүргөн. Белинде айбалтасы, ийнинде сегиз сай чаар бараңы, курунда наркескен кылычы, колунда түпөктүү сыр найзасы болгон. Ак чоңкут, ок өтпөс соот, чылк тарамыш менен көктөгөн кандагай тери шым, башына туулга кийген. Бугу мүйүзүнөн жасалган дары салгычы, алты кисе октору, милте, кебез, куу, оттук таштары дайыма бел курунда жүргөн. Ээр-турманы шай Бүргө-Тору, Сур-Айгыр деген жараган аттарды минген. Көбүнчө жоого жайдак минип кирген. Дайыма мүнөз тамак ичкен. Чалабын чаначка куйдуруп ала жүргөн. Ашкере топ-жыйындарды, шаан-шөкөттү, сөөлөттүү ичимдиктерди жаман көргөн. Кургатылган уу коргошунду күрмөсүнүн этегине кырка тиктирип, жолго же жоого аттанганда чайнап, артынан чалабынан жутуп алчу дешет.

Баласы Мойнокко айтчу экен: «Ат — адамдын канаты, акылыңа түйүп жүр. Бүргө-Тору, Сур-Айгыр экөөнү бирдей минип жүр. Ата журт үчүн өрт аралап, ок кеч. Душманыңа тике кара. Баскынчы-чапкынчылардан элиңди сакта, журтуң каран калбасын. Чынардай боюң өскүчө, чырактай отуң жансын. Ажал жетип, күнүм бүтүп, душман колунан мерт болсом, сөөгүм ай-талаада жатпасын. Кандай кылсаң да, туулуп-өскөн элге жеткирип койдур. Коломтоноп от өчпөсүн да, казаныңдан аш кетпесин. Башыңа иш түшсө элге гана таян. Эл таянган бел таянат. Өмүргө барсаң, өмүрүң шерик аял алып берет. Матайга барсаң, мал жыйып берет. Кылычка барсаң, кылычын кындан суурун берет, Жаноокке барсаң, жандоо-руңду таап берет. Молдосан таңдайынан чаң [illegible]

чечен, кысталышта акыл тапкан көсөм, кабагым-кашым дебеген кербез, капаңды ошол жазат, чериңди ошол таратат. Атаңдын досторунан кол үзбө» дечү экен.

Балбай бүт тулкусу менен бурулуп караган, мойнуна кол батпаган тыгырчык, нык, чарчы, күйкө сакал, кыл мурут, көзүнөн от балбылдаган, кишини таамай караган, саал чулдур, айтканынан кайтпаган, антынан жанбаган, бет алганынан тайбаган, бир сүйлөгөн көк, сырга бек киши болгон. Эңишкенин алган, күрөшкөнүн жыккан, беттешкенин сайган, кыйкырганы кырга угулган, тике караганы ажал тапкан. Аттанганда Актаман деген тайганы дайыма ээрчип жүргөн. Жамактап ыр чыгарган акындык жайы да болгон. Дөшү таптап, көөрүк баскан Кулубек деген устасы, он көөрүкчүсү, он барсканчысы, көмүрчүсү, темирчилери жоо-жарагын жасап турган. «Эр-азаматтын жоо-жарагы шай, мингени күлүк, алганы акыл карачач, тайганы алгыр, кушу илгир, энеси камбыл, атасы даанышман, ишенген балдары, жоо чабар достору болсо кор болбойт» дечү.

Эми, кыргыздын өткөн тарыхына кызыгуу артып турган учурда ошондой тарыхый окуялардын орчундуусу болгон 1850—1855-жылдардагы Ормон менен Балбайдын чабыштары тууралуу, ошого себеп болгондордун бири ордо чатагы тууралуу айтпай кетүүгө болбойт. Оболу Ормон менен Балбайдын тек-жайы кимдер, ошого токтоло кетели.

Балбайдын да, Ормондун да түпкү атасы Тагай, андан: Богорстон, Койлон, Кылжыр. Кылжырдан: Орозбакты, Дөөлөс. Дөөлөстөн: Токо, Жандай, Элчибек, Манап. Манаптан: Сутөй, андан Сарысейит, андан Үчүкө, Түлкү. Үчүкөдөн: Маматкул, Дөөлөткул. Маматкулдан: Темир, Болот. Темирден: Черикчи, андан: Абайылда. Анын Ботокөз аттуу зайыбынан: Шербото, Нарбото, Төрөгелди. Болотунан: Эсенгул, андан Ниязбек, андан: Бердибек, Бердикожо, Суван, Шатен, Адыл, Ажы, Рыскулбек, Ормон. Буларды Ниязбектин сегиз беги дешет.

Орозбактыдан: Арыкмырза, Асанмырза, Мырзакул. Мырзакулдан: Алсейит, Тынымсейит. Алсейиттен: Жаманкул, Бапа. Жаманкулдан: Итбок, Боке, Төрөкочкор, Кыдык, Белек. Белектин Жаркын деген ортончу зайыбынан: Алдаш, Алдаяр, Токой, Токоч. Токойдон: Айбаш, Абайылда, Доскулу, Бабай. Аба-

Кылдадан: Эмиш, Эшпер, Эшкожо. Эшкожодон: Балбай, Балбак, Матай, Чотой, Бакай, Күрө. Балбайдан: Тайкашка, Байкашка, Мойнок. Балбактан: Өзүбек, көзгө атар мерген болгон...

Көл аягы Көтмалдынын Сарала сазында эки дубандын эли топ курат. Алар кырк таман ордо салып, атышмак болуп, ат калчашат. Калыстар эки чүкөнү көкөлөтө ыргытышса, экөө тең таа конуп, кайталап ыргытканда экөө тең алчы конот. Топтун ичинен бакылдаган үн чыгат: «Токтоткула, бул оюнуңар жарабай калды. Оюндун башы чаң, аягы кан менен бүтчүдөй, ушунчаңарда акылыңарга келгиле».

— Эмне?.. Биз бир Кылжырдын тукуму болуп туруп, кантип кан төгүшүп кетели? — деген соң, ордо атышуу башталат.

Ормон менен Төрөгелди тараптын ордочусу Чагалдак, Боронбай менен Балбай тараптан Чыймыл чыгат. Ордо кызый баштайт. Ирети келип жеткенде Чыймыл атып жиберсе, томпою борборго жатып калат да, чертип отуруп чүкөнүн төрттөн үчүн чыгарган кезде бармагы жарылып кетет. Ошондо:

— Журт! Ат солбуп алууга уруксаатпы? — деп суранат.

— Ээ, өнөрүң болсо көрсөт, уруксаат! — дешип эл колдоп коёт.

Чыймыл бир колун экинчи колуна тийгизбей туруп, оң колундагы оң томпойду оң чөнтөгүнө салып, сол чөнтөгүнөн сол томпойду алып чыгып, солгой атып, чүкөнү бүт чертип, хандыны чимиртип ордодон чыгарып кетет. Балбай жааты «эми жандырабыз» деп, чүкөнү салып беришет. Чагалдак тарап ары аткылап, бери аткылап, жандыра албай калышат. Макулдашкан байгеси жараган бир жылкы эле. «Байгебизди бергиле» десе:

— Оюн жыдып калды, бармагынан кан чыкты аткычыңардын, — деп Төрөгелди бет тырмарлык кылат. — Ордо таза ойнолуш керек.

— Төрөгелдинин айтканынын жөнү бар, туура айтат, — деп Ормон сөзду жирел, чырды ырбатып жиберет.

Талаш, жаңжал, кызаңдашуу башталат. Калыстар: «Ормон тарап уттуруп койду, бергиле байгесин, көтөн зоңкук болбосун» деп бүтүм чыгарат. Ошондо Ормон ордочусу Чагалдактын өзүн опуза кылат:

— О, сага жаман, ит саяк! [illegible] кийин

айланганы түшөсүңбү ордого? Минип келген атын жыгып алгыла! — деп тетири басып кетет.

Чагалдак атынан ажыраган соң, Кетирекейдин Алыбек баатыры Ормонго таарынып, «Мен кенже бугу болом» деп, кер атына тамга басып, бугу элине качып келет. Жанга өлчөгөн жалгыз атым деп, Чагалдак артынан акмалап жүрүп, уткан тарап түнкү сүт уйкуда жатканда мине качат. Куугундан коркуп келатып, Тамганын кош кара көлүнө түшүп, ат-маты менен чөгүп өлөт. Чагалдактын кунун кууганда: «Катын бугу ордочубузду силер өлтүрдүңөр, кун төлөгүлө» деп, кун төлөтүп тынышат. Ормон менен Балбайдын бир чатагы ушундан башталат. Ушул чырды Ормон бетине кармап, көл бугусун үркүтүп, коркутуп, Ысык-Көлдү ээлеп калуу максатын көздөйт.

Атасы Ныязбек карып, алдан тайып, төшөктөн жылбай, чөгүп калган кези эле. Балдарынын баарын чакыртып, акыл айтмак болот. Ошондо Ормон: «Ошол алжыган абышкадан эмне акыл чыгат? Көп болсо, мен эртели-кеч эрмек кылып турган көл бугусуна тийбе дээр» деп келбей коёт. Ныязбек калган балдарына керээзин айтып келип, «Жанагы мыктыңар келбей койдубу? Айта баргыла, тилимди алса, көлдүк бугуларга катылбасын, энеси кайыптан туулган эмеспи, каргап койбосун. Тилимди албай жулкунуп чабамын деп аттанса, ичеги-кардын ошол эл чубап, ит-кушка жем кылат» дейт.

Мына ушул окуяны баш кылып, санжырачылар Ормондун кол курап көл бугуларына барышын, айылдарын чабышын, сайышка түшүшүн, бугу баатырларын, көзгө атар мергендерин, кыра сынчыларын, акылмандарын санап, Ормондун Балбайдын колунан өлүшүн, Ормондун кунун кууп, Төрөгелдинин барышын, Балбайдын колуна туткунга түшүп, тарткан кордугун, аягында эки элди элдештирүүгө калыстардын келишин, бүтүм чыгарышын бирден жандырып, санжырачылар узун сабак кеп кылып айтат. Эми, Балбайдын өмүрүнө байланыштуу айрым урунттуу учурларга токтололу.

## VII

Жылкы тийген жортуулдардын биринде Балбайдын жолуна буктурма койдуруп, кулагын кыңырак

мепен кемпирге кестирип, далысына көкташ тыктырып, төшүнө туз төктүрүп, койлорго жалатып, ана кырк кез орго салдырат Ормон. Үстүнө күн көрүн бөгөн кара алачык тигилген ордо колу-буту кишен делип, сакал-муруту өсүп, тырмактары мүйүз болуп сасып-чирип, алты ай жатат Балбай. Ормон көрсөткөн кордук көкөйүнөн кетпей, курсагына кусама болуп түйүлөт.

Боронбай: «Балбайдын жогу билинди, эл-журтка керек экен, душманга сүр экен, эптеп чыгарып алалы» деп, Ормонго миң жылкы, кырк күлүк айдатып элчилерин жөнөтөт. Кудасын кыйбай, анын үстүнө жүрөгү өлгөндүр деп, Балбайды туткундан бошотууга, ордон чыгарууга макул болот Ормон.

Балбай ордон чыгарылып, сакал-муруту кырылып киринип, киши кейпине келип, эшиктен кирип, босогону нык басып, камчысын кармап келип отурганда Ормондун кыраакы зайыбы: «Чунак кулактын кол доочусу кошо кирди, пири көкжал турбайбы, сеники канчык. Дөбөт дөбөттүгүн кылат, босогонду тепсеп өттү. Ичинде кеги бар, сестенбей отурат, акыры он кылбайт. Же достошуп колуна куш кондур, же кыз берип узат» десе, Ормон: «Э, катындын өрүмү узун акылы кыска. Сен эмнени билесиң, жүрөгү өлбөдүбү менин ким экенимди билбедиби. Мындан ары баш көтөргөнүн көрөм» деп, зайыбынын тилин албай коёт

Балбай кетээринде Ормон: «Кулак кести кул, эми кутурбай, жылкы чаппай, желе кыркпай, сарбагыш тардын четине жолобой жүр. Мындан жаман болуп каласың» деп зекийт. Балбай: «Мындан жаман болчу беле? Элиң жөн жүрсө, мен да жөн жүрөм» деп ат танып кетет. Ормон: «Артынан карагылачы, жүрөгү өлсө бир кылчаят. Жок, кеги калса, артын карабай кетет» дейт. Жигити сокур Бөрү көзү талыгыча карап туруп, Балбайдын бир кылчайбай кеткенин Ормонго кабарлайт.

Ормондон кордук көрүп, көңүлү калган Балбай жүрөгү муз менен таш болуп, эч эрибей, эч жылыбай, хандыкты, бийликти, зулумдукту жек көрүп калат. Элине келгенде Молдосан: «Бугу элине акыл табар баш керек, жол көрсөтөр баатыр керек. Элиңди эми кул кылба, жериңди жат бутка тепсетпе Көрдүнбү Ормондун кылганын, туура бийде тууган жок, тууганчуу бийде ыйман жок. Ормонго кулдук урбайбыз» дейт. Кулубек уста: «Коркок доодо өлөт,

баатыр жоодо өлөт. Баатырга жакшы жарак керек. Жатып өлгүчө атып өлөбүз» деп, баатырга атайы жасаган айбалта менен сыр найза тартуулайт.

Балбай жоро-жолдошторун алып, Хан-Теңирге чейин ит агытып, куш салып, аңга чыгып, Иле боюнан жолборс чаап, көргөн запкысын унутат, көңүлү көтөрүлүп, капасын жазат, кайрадан кол курап, эл четинде, жоо бетинде турат. Ошол жылы жаз кеч келет. Мал арыктап, жилиги үзүлүп, ороо эңшерилип, кап түбү кагылып, катын-бала, кемпир-чал эр-бүлөнүн көзүн карап, каатчылыкка, ачарчылыкка дуушар болот.

Балбай ары ойлонуп, бери ойлонуп, эмне кылса да элин ачарчылыктан аман сакташ үчүн амал издейт. Ал кезде кыргыздар балыкты жыланга окшотуп, тамак катары жечү эмес. Балбай жигиттерин жыйнап Тасмадагы калың чийден жулдуруп, тосмо соктуруп, кыл аркан тарттырып, казык кактырып, Түп суусун бөгөп, туш-тушун чым менен курчап, көлмө жасатат. Көлмөнүн аягына чий тостуруп, сууга сүзмө тор салдырат. Торду атка сүйрөтүп чыгып, толтура түшкөн балыктарды тазалатып, кырк кулак казанга салдырат да, сорпосуна талкан чалдырып, элге бердирет.

Ошондон тартып эл балык кармаганга үйрөнөт. Тилине тибиртке чыккандар болбой коёбу? Ошондо суудагы балыктарды «Балбайдын кер боруктары» дегендер болот. Көл башында ачтык думбул болгуча бугу эли ошол «Балбайдын кер боруктары» менен жан сактайт. Карыпты көрсө камыккан, жардыны көрсө жабыккан баатыр ар дайым элинин ысык-суугуна күйө билген, жамандыкка түтө билген.

Элден санаасы тынып турган кезде чабарман: «Катын бугу алык-салыктарды төлөбөй калды, төлөбөй турган болсо, түтүнүн түрө чабам» деп, Ормон сарбагыштан кураган калың кол менен келатат деген суук кабарды жеткирет. Ормон да жыланды керте тиштеген, буканы мүйүздөн кармап жыккан, буурanын тамагына камчы такаган. Кенесары менен Ноорузбайды сойгон, «ормон опузо» деген атка конгон кашкөй адам болгон. Бугуларды «катын бугу» деп басмырлап, тенине албай «бул үкү жапалак менен сасык үнүп тукумун курутам» деп келишканы бекер эмес эле.

Бирок өз башына караан түн түшөөрүн, Балбай-

дан найза жеп мерт болоорун билбей «ормон опузага» салып, тынч жаткан айылдарга кыргыйдай тиет. Жигиттери желелерди кыркып, жылкыларды удургутуп айдап, жаман катын, жаш баланы каптап кирет. Өңүттө жаткан бугунун жигиттери: «Качыралыкпы, эмне кылалы?» деп сураганда, дүрбү салып турган Балбай: «Саал токтой тургула, сабыр кылгыла. Обору ачылган Ормон олжого бата түшсүн, колу байлансын, жүктөнсүн, байлык башын жутат» дейт.

Ормондун жигиттери колуна эмне тийсе алып, талкалап, келин-кыздарды олжолоп, бугуларга кылбаган санатты кылат. Ай-чырайлуу келинди аттан жыгып, тырпыратып басып, уйпалап жатканда «Абийиримди ачтырып, чунак акем эмне кылып жүрөт? Э, кокуй, баатырлары кайда, куткарбайбы ушундайда?» деген чаңырыкты угуп, бул зордукка чыдабай ызаасы ташып, «Қапта! Чап! Сой! Жой! Ат! Қыр!» деген ураан таштап, ач айкырык, куу сүрөөн салып качырып калат Балбай. Ангыча «балбайлап» ураан тартып келаткан калың кошуунду көргөндө Ормондун жигиттери жапырыла качат. Алды батышка имерилип, келген жагына бет алганда Ормон: «Качпа-а! О, иттер катын бугудан качкан кандай бок жүрөксүңөр? Тарткыла кайра!» деп, мылтык аттырып, сурнай тарттырып, качкындарды камчыга алып кайрып, колунун көптүгүнө ишенип, албууттана, долулана, өзү баштап майданга кирет.

Чабыш башталат: чак-чук, чарт-чурт!.. Чокморлор чокуга ороп, чоюнбаштар былч-булч согулуп, каскактар карсылдап, найзалар сынып, сыныгы ыжылдап, асманга учат. Барандар түтөп, чырылдап учкан октор не чеке туштан кайып, не кулакты жулуп өтөт. Чырайлуу келинди бөктөрүп жаткан сарбагыш жигит бөйрөккө найза жеп кулайт. Дагы бири Ормондун сурнайчы жигитин аттан учура саят. Баскынчылар түшкөлдү качат. «Жоо качты! Қарма! Кетти! Тигине, Ормон!» деген Кылыч Ормонго жетип, аттан оодара тартат. Ормон Өгүз-Торудан ооп жерге жыгылат. «Кылычты бербедин эле, кысталак. Дале өлүмгө кыйбайын, өкүмдү Балбай баатыр өзү чыгарсын» деп, кырдагы Балбайга киши чаптырат.

Кылычтын атасы Қирке жашында өлгөн. Аталаш иниси Кылычты Боронбай чоңойткон. Ормондун кызы Кулан-сулууну Кылыч алмак. Макулдашып, сөз

бекиген кезде Ормон Кылычты жетим деп кемсинтип, куда түшкөн Куланды бердирбей коёт. Кулансулууну Боронбай өз сийдиги Өмүрзакка алып берет, Өмүрзак Кылычка караганда жөнүрөөк чыгат. Багы байланган соң айласы барбы, ичинде Кылычты жактырса да ата салттан, султан өкүмүнөн аттай албай Кулан Өмүрзак менен жашап калат. Кылычтын таарынычы, Ормонго ызаасы ошондон башталган.

Кабарчы Ормондун качалбай колго түшүп калганын кабарлайт. «Колго түшкөн баскынчы ханды коё берүү керекпи, эмне кылыш керек, кандай өкүм чыгарыш керек?» — деп, Балбай Кылычты Сарт-акеге жөнөтөт. Агасы Балбай менен Сарт-аке кеңешип отуруп: «Ормон тирүү турганда бугуга күн жок, бул канкор эч качан бизге тынчтык бербейт. Өзү келип катылган ханга убал жок, колуңан келсе көзүн тазала» деген бүтүм чыгарышат. Алардан ушундай жооп алган Балбай сыр найза сабын сындырып, найза учун сол колунун жеңине катып келет.

Ормон Боронбайдын айылына жеткирилип, Күрмөнтүнүн батышындагы дөбөдө жоокерлердин келишин күтүп турган сакалдуулардын тобунда эле. Дөбөдө кылкылдаган эл: «Баатыр келатат! Баатыр келатат!» деп, жарылып жол бошотот. Балбай: «Жол болсун, ханым! Жанды найзага илип, канды көөкөргө куюп, дагы келипсиң бугу бооруңа. Саа салык төлөй албайбыз го, балык жеп атабыз. Кантебиз, жан айласы. Эки бир тууганды башын бириктирбей караламан калкты кайра да чаптың. Карачы, кызыл каян, кызыл уук кылып, айылдарды кыйрысын ургандай кыйраттың. Каракчы, калмактар да сендей кылбайт. Сен тирүү турганда бугуга күн жок дейт о калыштар. Келме кезек экен. Эмесе, сурагым ушу: кырк кез караңгы ордо күн көрбөй чирип өлгүчө, мурт өлгөнүн сооп. Мени чунак кылдың эле, сени тындым кылайын. Жаның тынсын, көксө суусун, кек кансын, өч бүтсүн ушуну менен. Ал, энчиңди!» деп, Ормондун оң колун кыса карман, сол жеңиндеги сынык найзаны табарсыкка кадап, учун бурап алат.

Ормон: «Жемекчи элең, чулдур чунак! Ошондо кайлап салбай бекер гана бошоткон экем. Жоо аяган каралуу. Же жаман катындын тилин албай же Төөгелди менен келбей акыры ажалым сенден болду-у, катын бугу?» — деп, сыздаган бойдон жер таянат. Боронбай бул каплуу окуяны күтпөгөн эле. Жарадар

Ормонго үй тиктирип, кызын жанына коёт. Жылдыз толгондо Ормон жан таслим кылат. Кээ бири: «сөөгүн бербейбиз» деп чыгат, кээ бири: «ата салтты бузбагыла, бергиле» деп, сөөгүн узатмай болушат. Балбай: «букага артып, чүлүктөп барсын» десе, Боронбай намыс кылып болбойт. Ормондун сөөгүн ак ингенге арттырып, кызынан жетелетип жиберет. Ошондо боздоп бараткан кызы Кулан кошкон экен:

Атамды Балбай сойгондо.
Төрөкем Бишкек коргондо,
Канткенде кызың кан жутпайт,
Атаке каралуу элиң болгонго.
Акыры сенин кунуң кууп,
Төрөкем жарар намыска,
А Жантайың кирип жашынар,
Көтмалды башы камышка.

Кулан «Төрөкем» деп, Төрөгелди баатырды айтып жатат. Ормондун мерт болгонун укканда Төрөгелди мурутун булкуп, бакырып, ордунан тура калат. Дароо кыр-кырдагы жигиттерин шыпырып түшүп, кол курай баштайт. Балбай жайлоодо жатканда Ормондун кунун кууп, Төрөгелди менен Үмөтаалы көп кол менен келет. Балбай өз айлын баштап, аны ээрчиген эл менен Каркырага көчүп кеткен.

Анын себеби, Боронбайдын үйүндө аксакалдар чогулган жыйын болуп, Ормондун кунун төлөө жөнүндө сөз козголот. «Чакыртсак эмнеге убагында келбейт, Балбай чулдур? Чунактын азабын тарттык го» деп, Тилекмат ачууланып, кыжырланып оозун жыйгыча Балбай кирип келет. Майданда жараланып, башы таңылып, өңү жок, көңүлү суз эле. Сунулган кымызды ары түртүп, чаначтагы чалабынан чайкап жутуп алат. Боронбай: «Ормондун кунуна чаң тийбес миң күлүк берели, кыжаалаттан чыгалы, кундан кутулалы» дегенде, Балбай: «Бугу элин чабамын деп өзү келип казасы жеткен андай канкорго кун берилбейт. Кун беребиз деп, журтка салык салабызбы? Талаада жаткан малым жок. Мен бере албайм» деп, Балбай үйдөн чыгып кетет да, ошол эле күнү Каркырага көчөт.

Боронбай, Муратаалы, Тилекматтар акылдашып, «Төрөгелдини ак боз бээ союп, кол куушуруп тосуп алалы, кун төлөп кутулалы, мындан башка жол жок. Өлөр Ормон өлдү. Эми канга-кан деп келсе, өлтүргөн Балбайды тындым кылып тынышаар. Жок, кун

десе, биз берген малды алсын, бизде не жазык? Айтканына көнөлү да, сураганын берели. Балбайдын айынан дагы кырылышабызбы? Жарашып, тынышалычы» деп, аттарды жайдактап, жайытка коё берип, жай уктап жатканда Төрөгелди жакын жерде жаткан колун тургузуп, түн оогондо чабат. Бирок Балбайды таппай калат. Кандай болбосун, ханды сойгон канкорду кармап, өз колум менен мууздайм деп, Каркырага аттанат.

Каркыранын Теке-Бейитинде Төрөгелдинин келээрин аңдып жаткан Балбай коктудан сап кол көрүнгөндө «сен туу кармаган баатырын ат, сен сурнай тарткан баатырын ат, Төрөгелди буйдала түшкөндө мен капылеттен качырып кагып өтөм» деп, көзгө атар мергендери Өзүбек менен Мамырбайга буйругун берип, өзү өңүттөн чыга калат. Бараңдар тарс-турс, баң-буң атылып, туубашы менен сурнайчы аттарынан учканда Төрөгелди абдаарый түшөт. Төрөгелди Кызыл-Кыяны ашып келген. Балбай Сур айгырын жайдак минип, так кырдан тик качырып кагып өткөндө найза сундурууга буйдамы келбей аттан кулайт. Ат көөдөнү баса жыгылат да, буту сынат. Очорулуп, олчойгон оор дене туралбай жатып калат. Балбайдын жигиттери ар туштан айкырык салып, «балбайлап» ураан чакырып, Төрөгелдинин колун ителги таанга тийгендей кылат.

Төрөгелди колго түшүп, бутун шакшакка таңдырып, туткунда жатат. Буту айыгайын деген сайын Балбай атайы келип, «Кана, көрөлүчү, Ормондун кунун кубалап келген баатырды. Кантип калды экен буту? А, сакайып калган тура. Дагы сакая түшсүн, батыраак айыксын» деп качырата кармап, бурап, кайрадан сындырып турат. Балбай дагы ызаалап, Төрөгелдини чулугу жок букага тескери мингизип, чер токой аралатып коё берет. Эшектин мээсин эзип ичирген деген да кеп бар. Ормондун куну бүтпөйт. Баласы Үмөтаалы да келдү айланып бугуларга нечен мертебе кол салат.

Кыргыздар өз ара кырдуу бычак болуп, тытышып жаткан кезде орустардын аскердик-стратегиялык экспедициялары башталат. Анын үстүнө Боронбай, Балбай, Муратаалы, Качыбек, Тилекмат өңдүү бугулардын тиңдары сарбагыштар менен жакын арада эл болбой коялык, булар бизди тынч койбойт, оокат кылдырбайт деп, кубаттуу куралы, аскери бар күч-

түү мамлекеттерден жардам издейт. «Кокондуктар менен Ормон тукумуна кор болгуча, орус падышасына букара бололу» деп, Омскиге жөнөткөн элчиликтин кат-наамасына аталган бийлер бармактарын басат.

Ошого карабастан, Балбай Эшкожин өзү орустарга каршы деп, Зарыпбек Сасыке уулу генерал-губернаторго жаман көрсөтүп коёт. Ошондуктан, орустарга кылган ак кызматы үчүн генерал-губернатордун Балбайга жөнөткөн сыйлыгы жетпей калган. Баласы Мойноктон берип жиберген Батыш Сибирь генерал-губернаторунун кат-наамасын жолдо баласы ысылап, сууга түшө калган жерден уурдап алышып жок кылышкан. Бара-бара орус төбөлдөрү жергиликтүү кыргыздарды адам катары көрбөй айбанча мамиле кылып, ашынган ырайымсыздыгын, абийирсиздигин, канкорлугун, мыкаачылыгын көрсөткөн соң, алардан да Балбайдын көңүлү кала баштайт. Ошентип, анын эркиндик-теңдик үчүн улуттук-боштондук күрөшү күч алат.

Кыргыздарга болгон калмактардын, казактардын, Кокон хандыгынын, Цин империясынын баскынчылык максатын аздыр-көптүр айтып өткөн соң эми Орус мамлекетинин колониялык саясатына токтоло кетели. Анткени, алардын келиши дал Балбайдын эл коргогон мезгилине таандык.

## VIII

Пётр Іден кийин Орус мамлекетинин Орто-Азияга кызыгышы күч алат. Саякатчылар жана соода көпөстөрү деген далдоого жамынып келгендер дээрлик бул жерлердин байлыгын, сырьёсун, тоо-ташын, өзөн-суу, көлдөрүн, жашоого ыңгайлуу жерлерин изилдеп, иликтеп, картага түшүрүп кетишкен. Экинчи тараптан кыргыздардын орус мамлекетине кайрылышы XVIII кылымдын экинчи жарымынан кайталана берет. 1786-жылы Атаке баатыр элчилерин Екатерина IIге жөнөтөт. 1812-жылы бугу кыргыздарын Тоболдо генерал-губернатор Глазенап кабыл алат. 1824-жылы экинчи ирет бугулардан элчилер барат. Алар негизинен Кокон хандыгы менен Цин империясынан жана өздөрүнүн сарбагыш менен саяк чапкындарынан коргой турган таяныч-калка болуусун өтүнөт.

Бугулардын Омскиге барган депутациясы 1825-жылдын 5-январынан 25-майына чейин турган. Кайтып келатканда аларды Караталга чейин полковник Шубиндин отряды, андан Ысык-Көлгө чейин хорунжий Нюхаловдун отряды кайтарып келген. Нюхаловдун отрядында Зибберштейн деген дарыгер болгон, ал отряддын маршрутун, жолдогу көргөндөрдү, бугуларга жолукканын, августта отряддын көл жээгине жеткенин жазып отурган. Зибберштейндин жазгандарын «Тарыхый архив» журналына М. П. Вяткин жарыялаган (Т. 1. 1936).

Генерал-губернатордун бугу бийлерине кайрылган катында: «Россия силерди өз калкасына алат, кубаттуу куралы менен силерди коргоп калат, бирок силер тараптан да бизге жакшы мамиле болсун. Өз ара чабышыңарды токтотуп, жарашкыла да, биздин соода кербендерди, көпөстөрдү, саякатчыларды талоо, тоноо, карактоо, кол салуу сыяктуу кырсыктардан сактап, турган жериңерден аман-эсен өткөзүп тургула» деп жазылган.

1844-жана 1846-жылдары бугу султаны Боронбай Орусия бийлигине дагы кайрылат. Бул учурда Кенесары менен Ноорузбай башында турган казак жортуулдары талкаланып, кыргызга өзүн хан жарыялаган Ормондун арааны жүрүп турган. Бирок орус империясынын тышкы иштер министри Батыш-Сибирь генерал-губернаторуна кайрылган катында, аралыктын алыстыгына байланыштуу азырынча кара кыргыздарды орус букаралыгына алалбай тургандыгын билдирген соң, 1850-жылы чыгыш Түркстандагы кытай бийлигинин өкүлдөрүнүн сунушуна макул болот Боронбай. Алардын калкасында болуп, жылына төлөнчү акчалай сыйлык менен жогорку даражадагы кызыл шарик белгисин таажысына тагынат. Анткени, сарбагыш жортуулдарынан алсыраган бугулар Текеске көчкөн. Алар таштап кеткен жерлерди, жайыттарды, өзөн-сууларды, адашкан малдарды жамаатташ жаткан казак бийлери Тезек төрө, Саурык, Гезабек дегендер ээлеп, дегеле бугуларга кең дүйнө тарып, көл кылаасында жашаганга жер калбай калган.

Бирок чыгыш Түркстандагы кытай бийлиги бугуларга жарытылуу жардам бере албагандыктан, анда да жашоо оорлоп, көрөр күн татаалдап бараткандыктан, Боронбай 1854-жылы 26-сентябрда Качыке

Шераалы уулун Омскиге жөнөтөт. Бугулардын куран кармап, ант берген кат-наамасы кабыл болуп, 1855-жылы августта Качыбек казактардын Улуу жүзүнүн приставы Перемышльскийде болуп, казак султаны Нурали уулу Тезек төрөнүн кыргыздарга кысым жасабасы тууралуу көрсөтмө алып Верныйдан кайтат. Качыбек баштаган элчилерди казак-орус отрядынын башчысы хорунжий Лутшев менен Файзулла Ногаев узатып келет. Лутшев Кегенден кайтат, Файзулла империя өкүлү катары бугулардын арасында калат.

Мына ушундан кийин бугулардын саясий, социалдык, экономикалык абалы өзгөрөт. Бугулардын ага-султаны Боронбай Бекмурат уулуна подполковник деген наам ыйгарылат. Жайыты кеңейип, жашоо шарты оңолуп, орустарга мурда кирген албан, субан, дуулат, кызылбөрүк, кызай казактары менен аралаш, конушташ болуп калышат. Орус бийлигине таянып, Ормон, Төрөгелди, Үмөтаалы тартып алган, андан соң казак бийлери ээлеп алган жайыттарды, өзөн-сууларды кайтарып ала башташат.

Батыш-Сибирь генерал-губернатору Г. Х. Гасфорд орус букаралыгына өткөн кыргыз урууларынын чыр-чатагын басып, ал жерлерге чеп салып, территориясын көзөмөлгө алыш үчүн полковник Хоментовский башында турган куралдуу отряд жөнөтөт. Бирок анда башка максат да болгон. 1856-жылы 10-майда чалгындоо тапшырмасын алган казак султандары менен бийлери кошулган Хоментовскийдин аскердик-стратегиялык биринчи экспедициясы Верныйдан чыгат. Мына ушул экспедициянын составында окумуштуу Ч. Ч. Валиханов да болгон. Жалпы эле кыргыздарды изилдеген орус окумуштуулары менен ориенталисттери: П. П. Семенов, Н. А. Аристов, А. И. Бардашев, В. В. Бартольд, И. Бурин, М. И. Венюков, А. В. Каульбарс, Н. А. Северцев, А. Г. Федченко жана башкалардын эмгектери ар бири мааниге ээ. Бирок Ч. Ч. Валихановдун кыргыздар үчүн кылган кызматы айрыкча экенин белгилей кетпесек болбойт. Биз мында ошол экспедициянын майда-чүйдө иштери менен Ч. Ч. Валихановдун биринчи келишине гана саал токтолобуз.

# IX

Түп суусунун Ысык-Көлгө куйган жылгындуу, жалдуу, саздак булуңуна орустардын аскердик-стратегиялык экспедициясы келип түштү. Алардын тоо-талаага ылайык чатырлары кырка тигилип, аттары тушалып, отко коюлду. Баарынан да буларды жүдөткөн чымын-чиркей болду. Алардан кутулуунун айласын кылып, ар кай тушка от түтөтүштү. Жайкы жүрүшкө ылайык ак кийинген солдаттар найзалуу мылтыктарын ашташтырышып, биринчи иретте көңүлдү козутуп, бүйүрдү кызыткан ак суу, кара суунун быткылдуу сазындагы кырды-кыйма балыктарга чуркашты. Жарыктык, «Балбайдын кер боругу» аталган жону кара, боору аппак, күнгө жылтылдаган каңылтыр балыктар жээкке секирип, солдаттар чапкан кылыч мизинен кызыл жаян.

Солдаттар балыктарды чаап алганга ыраазы болбой дырдай, жылаңачтанып, сууга киндигине чейин кирип, тор сала баштышты. Жылаңач далылар менен күнгө атылган балыктар күмүштөй жылт-жулт. Жээкке жакындаган сайын тор баштыгы таш салгандай оорлошуп, оозундагы балыктар секирип, көлгө кайра ыргып кетип жатты. Топ солдат жайдак аттарга мине калып, тордун эки башындагы жиптерди аттарга орой тартты. Семиз аттар эки тараптан күч берип, солдаттар торду жээкке өлө-тала тартып чыкты. Тартактап аркы-терки жүгүргөндөр балык артынан сууга чалп-чулп жыгылууда. Солдаттарга да, чардактарга да той түштү. Ыштанын кийгендер тордон чыгарган бир араба балыкты тазалоого киришти.

Ар ким кай жерде талтая отуруп, жоон каңылтырлардын ичин жарып, алтын сары уругун алып, майын сыдырып, сызгырып кууруп кирди, кээси баштарын кесип алып, илме чөөгүндөргө салып, кош кабат сорпо бышырууда. Кээси дале ак суу, кара сууда быкпырдай жайнаган балыктарды штык менен сайып алууда. Балык ушунчалык көп, солдаттардын көлөкөлөрү көрүнсө, биринин үстүнөн бири ыргып, сууга кирип кетишет, көрүнбөй калса, кайрадан тайызга, күнөскө жайнап чыгышат. Орустар балыктардын көптүгүнө таң калып, көзү тойбой мүшөктөп, каптап алышты, койнуна да, кончуна да салышты, каерге катарды билбей да калышты.

Мына, ушул көрүнүштүн баары төш бетинде ат-

чан турган Балбайдын кош көз дүрбүсүнө даана илинди. Ал дүрбүнү көзүнөн алып, катарында атчан турган Боронбайга сунду.

— Орустар!.. Балыкты көргөндө башы менен сазга батып атышат.

— Жакшы ниет менен келишти бекен? Эмнесин карайын, түшүнүктүү да,— деп дүрбүнү Балбайга кайра сунду.— Баралы, сүйлөшөлү... Бастыргыла!..

Боронбай, Муратаалы, Балбай, Тилекмат баштаган бугу билермандары аттарын шайбырлата катар бастырышты. Күн чак түш эле. Жай саратанынын ысык күнүндө сууну сүйгөн орус баласы балыкка шылтоолоп, шапшынып жатышкан. Канча күн жол жүрүп, Октогой, Чарын ашып, чарчап-чаалыгып келген солдаттарды офицер төрөлөрү да өрүүн болуп, бир эс алышсын деп, жайына койгон. Түп суусунун аркы жээгинде тартактап жүргөн солдаттар кара топ болуп келаткан атчан кыргыздарды элейип-селейип карап калышты.

Жолго чыгарда полковник Хоментовскийге эскертилген эле: «Байкаңыз, полковник мырза, сиздер Россия губернияларында жашаган православный христиандарга бараткан жоксуздар. Моголстандын жолборстору аталган тоо-таштан чыга калчу жапайы көчмөндөргө, таш доорундагы кайсак-кыргыздарга баратасыздар. Алар динге да, прогресске да анчалык дитин бербеген, уруу-уруу болуп жашаган, Күнгө сыйынган, кызуу кандуу, күрөшчүл калк. Өтө сак болгула, ок чыгарсаңар аябайт, согушсаңар согушат. Түркөй мусулман өлкөсү Гумбольддун башын жеп койгонун унутпаңыздар. Кишинин этин жеген мыкаачылардан сактасын, анан кыйкырса кар көчкөн тоо-таштын кыян, сел, көчкүлөрүнөн сактасын. Көнбөгөн организмге безгек, холера, кара тумоо, чечек да коркунучтуу. А жапайы айбандары анчалык коркунучтуу эмес силерге, куралыңар бар».

Атчан кыргыздар Түп суусунун булуңунда өрүүн болгон орустардын аскердик-стратегиялык экспедициясына жакын келип, топурап, токтоп калышты. Чатырдан чыга калган хорунжий солдаттарга: «По-коня-я-м!» деп буйрук берди. Алар алеки заматта оозduktарын, токулгаларын салып, аттарына ыргып минип, ашталуу турган мылтыктарын эңип алып, кaз-катар тизиле калышты. Ак чатырлардын ортоңкусу-

нан ак кийинген полковник Хоментовский алдына тартылган кара аргымакка ыргып минип, кайтаруучу солдаты, тилмечи менен тайыз кечмеликтен өтүп, Боронбай, Муратаалы, Балбай, Тилекмат турган жалга келди. Хоментовский атынан түшпөй туруп, честь берип, кыргыздар менен саламдашты. Ал жээрде мурут, сары сепкил, куркуйган узун киши экен. Каапыр деген менен, эч кандай сестүү, коркунучтуу кебетеси деле жок. Башы жумуру, буту айры, төшү ача, кишидей эле киши.

Кыргыз билермандарын Тилекмат-элчи тааныштырган соң, Хоментовский аларды өзүнүн чатырына этүндү. Боронбай баштаган он киши кечмеликтен кечтирип өтүп, аттарын жигиттерине таштапты да, ак чатырга кирипти. Ортого кагылган жыгач үстөлдүн эки жагынан эки тараптын кишилери орун алышты. Орустар жакта чен тагынып, поручик мундирин кийген ичке мурут, шыңгыттай бир казак жигит отурду. Кыязы, кыргыздар угуп жүргөн Аблай-хандын чөбөрөсү Чокон Валиханов деген жаш илимпоз ошол болсо керек. Телехранитель жолго ылайык бүктөмө орундукту жазып, Хоментовскийдин астына коё койду. Полковник бутун учкаштырып, ошол кайыш орундукка отурду.

Мына, бул күн эки элдин мамилесине өбөлгө болгон маанилүү сүйлөшүүлөрдүн бир учуру болду. Ээн кердип бөрүсүндөй эркин өскөн Балбай мындай тар жерде өзүнө өзү батпай кысылып, демигип, ою тынч далбай удургуп, ыңгайсыз отурду. Эки кашынын ортосундагы кабагы түйүлүп, тилмеч которгон сөздөргө кулак төшөп, ачуусу келип, чыңалып отурду. Койнундагы кылычын сабынан кармап, бир булк этсе, ал кындан суурулууга даяр эле. Анын катарында Муратаалы-бий. Ал Сары-Тологой деген жерден чыккан. Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейине белгилүү, Тянь-Шан, Чүй эли, атүгүл казактар кадырлаган киши. Анын катарында Тилекмат-элчи. Ал казакча, өзбекче, уйгурча эркин сүйлөгөн тилмечтик жайы бар, зирек киши. Орустар менен мамиле түзүлүп, эки-үч ирет алардын алдында болгон соң, орусча сүйлөөгө ынтызар болуп, эң мурда элдир-селдир, анан шар сүйлөөгө үйрөнүп кеткен. Бугу элине Боронбай султан болгонун тартып, Тилекмат анын казак менен орус элине жөнөткөн элчиси болду. Көп маселени Тилекмат чечип, азыр тилмеч Файзулла менен өз ара эркин

сүйлөшүп отурган жалгыз ошол. Ал Верный, Бишкек, Ташкен, Омск, Томск, Тобол калааларында, алардын өнөр жай ишканаларында да болгон. Тилекмат кеп чегине жеткенде тык токтоп, кагылыштардан кыйгап өткөн, эч арга калбай калганда да туюктан чыгууга жол таба билген амалдуу чечен. Андыктан, бул сүйлөшүүгө бекер катышып отурган жок.

Ак падыша офицери Хоментовский сөздү биринчи баштады. Бирок полковниктин сөзү этият, сак, сыпаа болгону менен, кандайдыр ар жагында заары бар, зекиген сыяктуу өкүмүрөөк чыккансыды.

— Урматтуу султан Боронбай Бекмуратов, урматтуу бий Мураталы Бекназаров, урматтуу баатыр Балбай Эшкожин! Сиздерди ата-тектүү жерден чыккан кадырлуу инсандар деп билебиз. Сиздер чыккан бугу уруусу көчмөн кыргыздар арасындагы белгилүү, жоокер уруулардан. Демек, ошол айтылуу уруунун тукумдары болгон соң, сиздер бүгүн бирди айтып, эртең башканы кылганыңар ата салттуу абройуңарга туура келбейт деп ойлойм. Ооба, ылайыксыз, мырзалар. Улуу урматтуу император сиздерге чен тагып, наам берип, тиешелүү даража, сыйлык ыйгарган соң, империяга чын дитинер менен берилип, ак кызмат кылганыңар ылаазым. Россиянын көзүн боёй албайсыңар. Анын эки баштуу бүркүтүнүн чеңгели сермеген жерине жетет.

Болжогон жерге, коюлган бутага таамай атып көнгөн офицер айтылган сөзү да жалпак мээ жапайы көчмөндөрдүн каракушуна кадалып жатабы дегенсип, баарын бир сыйра кыдырата тиктеп алып, өкүмүнөн жанбай улады:

— Россиянын букаралыгында туруп, Цин династиясынын кызыл шаригин алып, таажыңарга тагуу, анан керек кезде Кокон хандыгынын колтугуна кире калуу, эки тараптуу, кээде үч тараптуу алака кылуу, эки жүздүүлүк деп каралат. Бул биз менен болгон мамилени, шарт-нааманы бузгандык. Экинчиден, сиздер элди коргоо деген шылтоо менен кылыч чабууга, ок атууга жараган эр-бүлөнөрдү дайыма ат жалында кармап турасыздар. Караңыздарчы, мынабу тоо этегинде кылыч асынып, мылтык кармап, кылкылдап тургандар баштары сайып азыр эле майданга кире тургандар го? Минтип тосуп алсаңар, силерге жакшы ниет менен ким келет? Үчүнчүдөн, силер ким менен болбосун мамиле кылып, жашыруун сүйлө-

шүүлөр жүргүзүп, биздин ишенимге шек туудуруп жатасыңар. Силерге ишенүүгө болобу?

Кылыч сабынан бек кармап отурган Балбай жүзүн кан тээп, каракөк тартып кетти. Хоментовскийдин сөзүн Файзулла так которуп бергиче араң чыдады. Ал бүтөр замат Боромбайдын сакалына, Тилекматтын элчилигине, жалпак тилине карабай бурк этип алды:

— Офицер мырза! Биз менен сүйлөшкөндө саал этият болгонуңуз дурус. Биз сизге тайгандарыңыз кубалап, алдыңызга салып берген жапайы бөкөндөр эмеспиз. Бутубузга кишен, колубузга чынжыр салынып, алдыңызда туткун болуп да турганыбыз жок. Биз өз жерибизде эркин жашаган, жоокер элбиз. Көрүп турасыз, алдыбызда ат, колубузда курал да бар.

Хоментовский анын сөзүн тилмеч которуп бергиче токтоо күтүп туруп, кунт коё укту да, өңү-түсүн өзгөртпөй бурулуп, Балбайды маанилүү карады. Жолго чыгаарда генерал-губернатордун: «Сак болуңуз, Моголстандын жапайы жолборстору менен кездешесиздер» дегени эсине түштү. Анын чулу тулку, нык денелүү, бир моюн кебетесин көрүп, «орус офицерине, болгондо полковникке минтип тил кайрууга батынганы жапайы паадандык. Акылга салбай айбанча тик качыруудан башка кандай таянычы бар? Деги, эмнеси болсо да сылыгыраак болоюн, бирок жеткире түшүндүрүү керек буларга» деген көөмөйдө оң колуна кармап турган кош ак мээлейин сол колунун алаканына ургулап, сөзүн улады:

— Силер Цин империясына же Кокон хандыгына таянганыңар менен, алардан жарытылуу калка алалбайсыңар го? Алар аскер бербейт, куралы начар. Чамасы чак, чеги чектелүү. Мыкты болгон күндө да алар силерди багынтып алат.

— А силерчи? — Сөзүн кескин бөлдү Балбай. — Силер эмне кыласыңар?

Анын сөзүн укпаган болуп, кулак сыртынан кетирип койду полковник.

— Бусурман туусун көтөрүүгө макул болуп, бармагыңарды басып, Кокон хандыгына жөнөткөн катыңар бизге белгилүү. Ал тууралуу да, бул тууралуу да мамилеңер эч кимге жашыруун эмес. Кытайдын консулуна жөнөткөн катыңар да бар. Орус букарасы болуп калгандан кийин бул жоругуңарды кандай

түшүнсө болот? Империяны саткан чыккынчылык дейбизби, эмне дейбиз? Кана, сиз айтыңызчы, урматтуу султан!

Боронбай жерден башын көтөрбөй, кыймылдабай, үнчукпай, кулак төшөп гана ойлуу-саналуу отурган. Орусча сөздөрдү ийне-жибине чейин так түшүнгөн Тилекмат анын көз карашын илип алып, «бирдеме дениз, антпесеңиз үстөмдүк кылып кетет» дегенсиген белги берген соң, Боронбай оор күрсүнүп, орус офицеринин седептей көпкөк көздөрүнө тике карады.

— О, урматтуу улук төрө! Ким болбосун бизге келген мейманга жамандык кылбайбыз,— деди каргыл үн менен. — Биз коймаарек жаткан меймандос элбиз. Ашкере дөөлөткө, азгырыктуу сөөлөткө да анчалык кызыкпайбыз. Бизге ыйгарган ченге же даражага азгырылып, элибизди, жерибизди сатып жиберсек, эки дүйнөдө бети кара бетпак болор элек. Биз эч кимге сатылбайбыз. Силерге да, аларга да айла кеткенде кайрылып, кат жаздырдык. Кокон хандарындай же кытайдын Богдыханындай, калмактын контаажысындай же казак бийлериндей бирөөнүн жерине, суусуна, көлүнө, төрүнө көз артпай, атам замандан бери өз жергебизде күн көрүп, суу ичип келген кыргыз элбиз. Анын ичинде ыйык мүйүздүү эненин өз тукуму момун бугуларбыз. Өзүбүздүкү өзүбүзгө жетет эле. Бирак ар дайым тынчыбызды алып, жоо бетинде туруугa сырттан келген чапкынчылар менен өз ичибизден чыккан сүлүк курттар көп көрсөтпөй курутту. Кызыл тебетей кийип, өзүн хан жарыялап жиберген Ормондун опузасы болбосо, кээде куралдан, кээде аскерден жардам сурап, эч кимдин алдына барбайт элек. Канатыңарга калкалагыла деп, жалдырап сурап, жардамыңарды албайт элек. Кайсынысын айтайын, ынтымакты билбеген, алысты көрбөгөн акылы тайкы зөөкүрлөр кыргызды ар кимге күнкор, көз каранды кылды го?

— Өз жеринде өз оокатын кылып жаткан эл кимге чыккынчы? — деп Балбай отурган ордунан обдулду. — Чыккынчы деп, баскынчы деп, башка жактан келгендерди же ичинен ириткендерди айтат. Күн батыштан күчтүү куралданган аскер дүрбү, мылтык, ок-дары асынып, замбирек сүйрөтүп, жер дүңгүрөтүп, жер-куйда жаткан жергиликтүү журтка жек көрүнүп келгендерди ким десек? Агер мүлдө элдердин улуктары чогулуп, бул эл силерге эмне кылган,

мне үчүн булардын азыноолак жерлерине ар кимдер көз артып, эмне үчүн өз Ата мекенинде тынч жайына койбойсуңар, деп суроо салса, эмне деп жооп берер элеңер?

Ансыз да Балбайдын эч кимге эрибеген, бал сөзгө жибибеген, өкүм сөзгө өкүм жооп берген, кашайган өк, бир мүнөз тоң моюнчулугун жактырбай, аны менен сүйлөшүүдөн качып, жооп бергиси келбей жаман көрүп отурган Хоментовский «бул кеп жебеген кеөлүмө каманыңарды тыйбайсыңарбы, кой дебейсиңерби» дегенсип, Боронбайды суроолуу-талапуу карады. Боронбай анын оюн түшүнгөнсүп, «сеь, кичүкпа» деп, Балбай тарапка кол жаңсап койду да арысур көзүн жүлжүйтө жер алдынан унчукту:

— Ооба, биз силердин карамагыңарга кирип, Орус мамлекетинин канатына калкалап алуусун өтүнүп, кат жаздык эле. Бир нече ирет элчи жибердик ле. Бирине жооп болсо, бирине жооп болбой күдүк олдук. Биз силерден аздыр-көптүр жакшылык күтүп, бизди курутуп жаткан өз ара чабыштардан, Кокон хандыгынын алык-салыгынан куткарып алат еп үмүттөндүк эле. Бирок силер алыста экенсиңер. Керек кезде жаныбызда жок болуп жатасыңар. Үмүтүбүз таш каап, колдогубузду колдон, жондогубузду жондон алдырдык. Биз кокондуктардын динин да, кара кытайлардын динин да кабыл алгыбыз келбейт. Биз силердин динге да чокунбайбыз. Биздин өз салтыбыз, өз наркыбыз, өз үрп-адатыбыз, зан-мыйзамыбыз бар. Кокус Кытай менен же Кокон менен эгушуп калсаңар, силер бизди кызыл кыргынга салып, өз Ата мекениңерге кете бересиңер. Анан, кайра келгениңерде кырылгандан калган бизди чыккынчы дейсиңар. Агер бизди чындап эле калкалагыңар келсе, мынабу Түп суусунун боюнда, Каракол суусунун боюнда, Ак-Суу, Кызыл-Суу деген жерлерибизде чиманга сүр болуучу куралдуу аскериңер менен жамбиреги дүңгүрөгөн чептериңер турсун.

Боронбайдын бул сөзү полковникке жакты. Ал ым чөнтөгүнөн ак жүзаарчысын алып чыгып, нымашкан шилисин сүрттү да «кана, буга сиз эмне дейсиз» дегенчелик мурдатан тааныш Тилекмат-элчиге жылмайды.

— Урматтуу элчи мырза. Менимче, сиз бул элдин кыргы адамы эмессиз. Уккан-билген кабарга кара-

ганда, сиз эки элдин калыс адамы. Мындайда сиздин үнүңүз да угулса дейбиз.

— Таксыр төрө! Урматтуу султан! — деди Тилекмат көнө жүргөн элпектик менен эки тарапка тең ийрылып. — Менин сөзүм кыска. Кыска болгондо айтаарым, эки тараптын тең ой-пикири ортого коюлуп жатат. Аздыр-көптүр доомат-талап-таарынычтар бар экен, алар айтылды. Балким дагы айтылар. Улуу агасына кенже иниси ошентип айтат эмеспи. Улуу элсиздер, ага терикпейсиздер. Сырттагы жана колтуктагы душманга сес болсун үчүн сиздердин куралдуу аскериңер менен чептериңердин түшүшүн ага-султан сурап жаткандыктан, мурдагы келишим боюнча буга макул болорсуздар деп ойлойм.

Мына, бул сөз дал ушундай тапшырма алып чыккан полковник мырзага жага бербей калды. Тамашага чалган болуп, жылмайып күлгөн болуп, жээрде мурутунун бир жагын ак жүзаарчысы менен сернип койду да:

— Урматтуу элчи-мырза, сиз эң эле амалдуу кишисиз. Укканбыз, укканбыз, бугулардын бир элчиси бар деп. Кантебиз, элчи ортого түшкөн соң ошондой эле болсун. Биз муну губернатор төрөгө жеткиребиз. Ал сөзсүз макул болоруна да ишенебиз,— деди ыраазы боло.

Сүйлөй турган баштаныл, Муратаалы-бий ыңгыранды. Ал коңур үндүү, олбурлуу, зор киши, бугулардын кеңешчиси, даанышманы, ар дайым Боронбайга болобу, Балбайга болобу, акылды жең ичинен шол жылдырып, казакка барабы, оруска барабы, далай чырды түйүндөп, далай сырдын түйүнүн чечип кеткен кыраакы-жылдырма киши. Ал локуюп отурган калыбын жазбай, Боронбайдын айласы кеткен сыңары карата Тилекмат менен орус төрөнүн сөздөрү бир жерден бутактап калганын байкап, өзүнүн көрүнөөдө жаткан түпкү оюн тыякка да, быякка да түшүндүрүүсү келип, саал күдүктөнтүп барып, анан айтыныраак айта кетти.

— Сиз бизди түшүнбөс бекенсиз? Андай болсо, биз да сизди түшүнбөй калабыз го? — дегиче, полковник сөздү бөлдү.

— Түшүнбөгүдөй бул жерде анчалык деле табышмактуу татаал маселе жок. Же кимдир бирөө түшүнүксүз сүйлөп жатабы? Менимче, эч ким деле түшүнүксүз сүйлөгөн жок го дейм?

Хоментовский жылмайган болуп, мыйытынан күлүп, сөздү башка жакка алаксыткысы келди. Бирок Муратаалы-бий оюндагысын бербей, өз пикиринде бекем турган эле.

— Кыргыз эч кимдин жерине барып туруп аткан жок. Кытайдын берки бетиндеги, Анжыяндын аркы бетиндеги, Олуя-Ата, Тараз, Меркидеги жерлер дагы кыргыздардын жери. Балким, аздыгынан алдырып коюп аткан чыгар. Бугулардын бир даары Текесте турат. Бирак ал жакта жашоо мындан сонун болуп кеткен жок. Бир даары көл жакалап турабыз. Көлдүн күнгөй-тескейи, тиги эле Тоң, Тосор, Барскоон, Жети-Өгүздөн бери, бул жагы Ак-Суу, Кызыл-Суу, Жергез, Түргөн, Зындан аймагын, андан бери мүлдө Каркыра, Түп, Күрмөнтү, Байсоорун аймагын бугу эли жердейт. Андан ары Чоң Ак-Суу, Чок-Тал, Сары-Камыш, Көк-Ойрок, Окторкой, Шамшы, Кемин, Кара Кочкордон ары сарыбагыштар жайлайт. Алар да биздин бир боорубуз. Сарыбагыш менен бугулар бир Кылжырдын балдары, алар Дөөлөстөн, биз Орозбактыдан. Арасындагы гана бугута кыр көрсөткөн өкүмдары болбогондо, биз кырылышпай, кыркылышпай эле бирибиз келдү, бирибиз төрдү жайлап, ынтымакта жата бермекпиз. Баарын кылган биздин бирим-сиздик, карангылык, ынтымаксыздык. Биз тообуздан кийик өңүп, жайытыбызга малыбызды жайып, жерибизге арпа, тарау, буудай айдап, жайкысын жайлоодо, кышкысын кыштообузда кыштап, ата-бабабыздан калган мына ушул жерлерде жашап келгенбиз. Эми силердин койгон капканга чабылганда чыкпай каларыбызды билебиз. Агер көлүбүздү, төрүбүздү таштап Кытайга кетсек, силерден көчүрүлгөн сансыз мужуктар келдү өз жергесиндей ээлеп, келечектеги укум-тукум өз энчисине ээ болбой калаарын жакшы билебиз. Жана да, өз жергебизден тентип кетсек, кайсы жерде кандай өлөөрүбүздү, кимдерге жем болуп, кандай күн көрөрүбүздү да билебиз. Силер да биздин кимге болбосун көз каранды болуп, анан наразылыктан жаңжал чыгарып, көтөрүлүп, окко кабылып кырылаарыбызды көрүп турасыңар. Биздин жер үстүнөн тазаланып, жерлерибиз ээн калышы силерге да, аларга да таңсык. Биз мына ушуну жакшы түшүнөбүз, биз жинди эмеспиз. Ошондуктан, өз жергебизден кетпейбиз, эч жакка көчпөйбүз. Өлсөк да ушул жерлерде өлөбүз, дал

ушул жерлерге көмүлөбүз. Кытайдыкыбы, кокондукубу, орустукубу, бизге чептериңердин кереги жок. Чеп түшүтү дегиче, жер силердики. Жардам берсеңер, бизге курал гана бергиле. Өз жерибизди өзүбүз коргойбуз. Бекер албайбыз, ордуна мал аласыңар, жараган жылкыларды беребиз.

Бул жолу Муратаалы-бий калыбындай жай, олуттуу сүйлөбөй, эмнегедир кызуу кандуу, ыкчам, ызалуу, кектүү сүйлөдү. Бирок полковник оң колун төшүнө кыстарган бойдон сөз соңун сабырдуу күтүп огурду да, ордунан туруп, кырка отурган кыргыздардын үстүнөн кыдырата карады. Анан өкүмүрөөк:

— Урматтуу төрөлөр! — деди салмактуу гана. — Азирети император акыркы чараларды көрүүгө өзүңүздөрдү мажбур кылбагыла. Биздин карамакка өткөн соң он миңдеген букараңардын кара башы менен кара курсагы гана өтпөйт. Бизге жериңер, сууңар, төрүңөр, көлүңөр менен кошо өтөсүңөр. Биз бул жерлерди чаап албайбыз, көчүрүп да кетпейбиз. Жериңер, чарбагыңар, оокатыңар, мал-мүлкүңөр өзүңөрдө калат. Бирок келишим боюнча бул жерлерге Россиядан мужуктар көчүрүлөт. Силер алар менен бирге жашайсыңар. Башка элдер, айталык талаадагы казактар, Сибирдеги хакастар, ойроттор, буряттар, шорлор, саха-якуттар силерге караганда эстүү эл экен. Алар эч каршылык көрсөтпөй эле көчүрүлгөн мужуктар менен коюн-колтук алышып, ынтымакта жашап жатышат. Же болбосо Кавказ элдерин карагыла. Алар да куралдарын таштап, баш ийип беришти. Демек, силерге жакшы ниет менен келип жаткан орус экспедициясына нааразы болуп, жөнү жок доомат артпагыла. Эгер курал берсек, бизден мурда өз бооруңарды чапкан турасыңар.

— Биз чабышып чарчадык.

— Силер өзүңөр менен өзүңөр чабышып чарчадыңар. А биз силер менен чабышпайбыз. Силер аз элсиңер, эмнеңер менен согушабыз. Согушпай эле өтүнүчүңөрдү канагаттандырып, карамагыбызга алабыз да, кол салуучулардан калкалап турабыз. Чептер ошон үчүн салынат. Мен сиздерге азирети императордун Батыш-Сибирь генерал-губернатору Гасфорд мырзага жөнөткөн чечиминен окуп берейин,— деп полковник артында какайып турган катчысына кайрылды. Адъютант-катчы жол сомкесинен бир барак кагазды алып бере салды.

— Мынаңыздар, кулак салыңыздар! «Кыргыз-кайсактар эч каршылык кылбай биздин карамагыбызга өтө турган болсо, өздөрүнүн бийлигин, элдүүлүгүн, салт-санаасын, адат-каадасын, мындан аркы жашоосун сактап калат. Жок, аны каалашпаса, анда Кытайга көчүп кеткени жөндүү».

Хоментовский бул сөздөргө өзүнөн эчтеме кошумчалабады. Бул өкүм кыргыздарга жаңылык деле эмес болчу. Башынан эле бардык маселе ушул сөздөрдүн тегерегинде болуп келген. Азыр да полковниктин бул окуп берген документи бардыгын шылкыйтып, ал кандай айтса көнбөскө арга жок экенин айгинелеп турду. Кыргыздар тунжурап, аргасыз макул экенин билдирип, ойго батып калганда сүйлөшүү башталгандан бери такыр үндөбөй жазып отурган Валиханов башын көтөрүп, аларга жан тарта сүйлөдү:

— Урматтуу төрөлөр! Кыргыз боорлорум! Эгер улуу тоонун ашуусунан аша турган бир эле жол болсо жана андан бөлөк аша турган жол жок болсо, анда ошол жол менен гана ашууга туура келет. Менин сөзүмө терикпегиле, түпкү маанисин түшүнүп алыңыздар, урматтуу ага-султан Боронбай-аке, урматтуу Муратаалы-бий-аке, урматтуу элчи Тилекмат-аке!

Кыргыздардын кадырлуу адамдарына «аке» деп кайрылуу көңүлгө төтөп, жүрөккө ынамдуу, жан жибитер мамиле болоорун ата-бабасынан адептүү тарбияланган Валиханов жакшы билер эле. Жеринен уга жүргөн, көрө жүргөн. Ошондуктан, ал ордунан илбериңки туруп, сыпаа-сылык сүйлөй баштаганда томсоруп, ойго батып калган кыргыз төрөлөр жалт карашып, анын сөзүнө жан-дилинен кунт коюп калышты. Жакшы мамиле, кичи пейил сөз менен кыргыздарды өзүнө олуттуу тартып алып, Валиханов айтаар оюн улады:

— Азирети ак падышанын мунааждаты менен урматтуу генерал-губернатордон экспедиция жөнөтүлүп, мына минтип сиздерге атайы келип турган соң, азыр ойго батып олку-солку болууга, термелип эки анжы болууга чолоо жок. Ашуудан ашарга эки жол жок, жол бирөө гана. Андыктан, ушул жол менен алдыга бирге барабыз.

Валиханов бул сөздөрдү акырын айтты, бирок ар жагынан толгонуп, тереңден ойлонуп чыкканы көрү-

деп турду. Балбай болсо анын сөзүн башкачараак түшүндү. Валиханов ага орус төрөсүнө жан тартып, кыргыздарды баш ийдирип бергиси келип тургандай болгандыктан, ал адетинче бурк этти:

— Кандай ашуудан ашсак да, кандай жолдон өтсөк да, алдыбызда кандай кыйынчылык турса да бул бизге арачы да, далдалчы да болбо. Сен казак, биз кыргыз, таяке-жээн да болуп кетебиз. Илгери-кийин биздин мамилелер бузулса, сенин кысталыш, кыжаалат абалда калганыңды каалабайбыз. Биздин өз султаныбыз, өз элчибиз, өз өкүлдөрүбүз бар. Биз сенсиз эле орустар менен бетме-бет сүйлөшүүгө жарайбыз. Биздин өзүбүздүн Боромбайыбыз, Качыбегибиз, Тилекматыбыз бар.

— Урматтуу Балбай-аке, мен сиздин бетке чабар, көзгө айтар, жоо саяр баатыр экениңизди укчу элем. Чын экен, кыргыздын сыймыктанар баатыры бар экен. Бизге жезде болосуз. Биз куда-сөөк, өзөктөш, боордош элбиз. Дос айрылат, сөөк кайрылат. Болбоду дегенде, сөөк суу кечирет. Андыктан, мен кыргыз бооруларымды ар кандай кырсыктардан, алдыдагы боло турган мүшкүлдөрдөн сактагым келет. Кыргыз элине өз элим, казак калкына каалаган жакшылыкты гана каалайм. Аз да эмес, көп да эмес, казак чыккан жарык жолго чыкса дейм. Мен муну керт башым менен далилдейм. Керек болсо жан-дилимди, күч кубатымды аябайм силерден.

— Казагыңдын кийимин чечип салып, орус төрөсүнүн кийимин кийипсиң, чечин тагыныпсың. Каршы эмеспиз. Бирок дилиң да, дитиң да бурулдубу? Бизди аяйм дедиң, аясаң бизди өз жерибизден сүрдүрбө.

— Эч ким сүрүлбөйт. Менин дилим да, дитим да казак бойдон калат. Бирок өсүп-өнүгүш үчүн, алдыңкы элдердин, улуу державалардын жакшы көрүнүштөрүн алуу керек, илим-билимге ээ болуу керек.

— Бул жерлер үчүн биздин кан төгүлгөн. Канча кылымдар бою ата-бабалар көмүлгөн. Карачы, көрүстөндөрдү. Көөдөндө жан, ийинде баш барында, жүрөктө кан жүгүрүп турганда жер үчүн, эл үчүн күрөшөбүз. Сенин ата-бабаларың да казак талаасы үчүн жан беришкен. Казак үчүн кан төгүп, ата-бабаң Аблай-хан да Көкчө-Тоодон Ала-Тоого чейин келген. Кечээ Кенесары менен Ноорузбай да жер үчүн баштарын жерге койгон. Эл-жер үчүн мына биз да канды

нөөкөргө куюп, жанды найза учуна сайып, башты кылыч мизине коюп отурабыз.

— Кылыч менен эмес, акыл менен, амал менен өлүү керек, Балбай-аке. Россиянын жардамы мына, ошол үчүн керек силерге.

Сөзгө Хоментовский аралашты. Ал сүйлөшүү узарып бараткандыктан, кайым айтыша бербей сөздүн ток этерине токтоп, нокот койгусу келди.

— Бир гана нерсени эскертем, силер мухитке куюлган булаксыңар. Булактан көп эл суу ичсе соолуп калат. Алайдан Каңгайга чейин жашасаңар да бир ууч эл экениңерди эмне үчүн түшүнбөйсүнөр? Бир ууч менен эмне кыла аласыңар? Силерде замбирек деген, снаряд деген, тартиптүү аскер, курал деген жок. Куралды биз беребиз силерге!

— Элдин эрдиги сан менен өлчөнбөйт,— деди Балбай. — Элде онго бири, миңге жүзү татыган баатырлар болот. Курал беребиз дейсиң. Берсең чаба билген, ата билген, аргымактарга мине билген азаматтар да бар. Эмесе, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бирге бололу. Саныбыз жетишпесе, сапатыбыз бар. Кашык кан калганча, каруу казык баш токмок болгончо, чечекей көздөн акканча кармашып өлөбүз. Биз менен кармашкандар бизден бир тукум калбай калганда гана биздин жерлерге ээ болот!

Хоментовский эми эч нерсе дебеди, ийнин гана куушуруп, «сөздү жыйынтыктаңыз» дегенчелик Валихановду карап койду. Валиханов кыргыз төрөлөрүнө ишеним менен карап, сөздү жыйынтыктады.

— Менин сөзүмдү дагы бир угуп койгула, урматтуу төрөлөр! Өмүр менен өлүмдүн ортосунда элге жол тандап берер болгон соң эч кимдин ашыкпаганы дурус. Кылычты кындан суурардан мурда аны кимге шилтээрди ойлонуш керек. Бардык жерде, Сибирдеби, Казакстандабы, Кавказдабы, орус элинин куралы өкүм сүрүп, башы бар эл алардын карамагына кирип берди. Ким эгер андан баш тартып, Кытайга же Түркияга же андан башка өлкөлөргө кете турган болсо, аны эч качан жакшылык күтпөйт. Элди жарык жолго жакшылык менен, акыл менен багыттагандан артыгы жок. Акылман аксакалдарыңарды чакырып, дагы сүйлөшкүлө. Биз силерге мөөнөт беребиз, күтө турабыз. Сарбагыштар менен жарашкыла!

Ушуну менен биринчи кездешүү бүттү. Орус им-

...иясынын экспедициясы эч тоскоолсуз өз ишин ...гууга киришти.

Кыргыз элине таасирлүү төрө Чыңгыз уулу Чокон Валихановдун Ысык-Көлгө келиши аңыз кептерди ...үүдүрүп, казак элинин кадыр-баркын ого бетер арттырып жиберди. Ошол эле жылы, ошол эле сапарында ал бугуларда да, сарбагыштарда да болуп, бир тууган эки уруунун урпактарын кандай да болбосун жараштырып кетүү максатын көздөдү. Эми ал Балбайдын колунан опот болгон Ормондун баласы Үмөтаалы менен сүйлөшүп, анын элин тынчытып, анан орус империясынын максатын жүзөгө ашырып, Батыш-Сибирдин генерал-губернатору Г. Х. Гасфорддун алдында милдетин так орундап, ишенимине ээ болуу керек эле. Жарашууга жакын турган бугулар менен тил табышуу оңоюраак болсо да, жортуулчул сарбагыштар менен тил табышуу жеңил болбосун билип, кокус сүйлөшүү татаалдашып кетпесин деп, ансыз да араң турган эки элди кайраштырып, курчутуп албайын деп, жанына бугулардан эч кимди албай, эки тарапка калыс деген саяк уруусунан, эки элге тең албан-субан казактарынан жана татар Файзулла Ногаев менен түрк тилдерин жакшы билген А. И. Бардашовду алды.

Бул сапар орус аскеринин поручик формасын үстүнөн чечип таштап, казак чепкени менен казак топусун кийип келген. Каз-катар тигилген боз үйлөрдүн бирине өрүүн болгон соң, Чокон менен келген элчилер сүйлөшүүлөрдү башташты. Сөз башында эле Үмөтаалы бугулар менен болгон чабыштарда аларга доо коюп, алдырган жайыттарды, жоготкон малбашты эсептеп кирди. Малдан болобу, жандан болобу, жоготкон канча, кемиген канча, өлгөн канча, житкен канча, барымта канча, зекет канча, салык канча, алман канча — сарбагыш бийлери эсептеп чыгышты да, коргоол таштап, бардыгын мал башына чегеришип, көп төлөтүш үчүн бугуларды айыпка жыгышты. Башталганда эле ушул доонун кабыргадан коюлушу Чоконго жакпады. Жолго чыкканда эле максаты ишке ашар-ашпасын боолголоп, терең ойдо келген. Ал эки уруунун мындан ары жарашып, тынч жашашына көп аракеттерди кылды. Акыры саяктар менен казактарды арага салып отуруп, убактылуу болсо да Үмөтаалынын демин басып, согушчул аракетин токтоткон эле.

Ошол кезде Чокон жыйырма гана жашта болгон. Асандагы аты — Мухаммед-Канапия, энеси эркелетип, Чокон деп чакыргандыктан, ошол атка конуп кеткен. Атасы Чыңгыз, чоң атасы Вали-хан, бабасы Аблай-хан, тектүү жерден чыккандыктан, балага жакшы таалим берүү үчүн орустар окуган Сибирдеги кадет корпусунан окутушат. Жаш чагынан эле Чоконду канаттуу кыял, учкул санаа курчаган. Ал табышмактуу, алыскы өлкөлөргө — Тяншан тоолоруна, Такла-Макан чөлүнө, Лобнор көлүнө, Тибетке, Синцзянга саякатка баруушу эңсөөчү. «Ал кадет корпусундагы окуп жүргөндө эле саякатчы болууга даярданган,— деп эскерет сабакташ досу Г. Н. Потанин,— улуу саякатчы-изилдөөчүлөр Палластын, Рычковдун, Левшиндин, Вельяминов-Зерновдун эмгектерин колунан түшүрчү эмес». Ошентип өзү окуган кадет корпусунда келечектеги улуу саякатчы, изилдөөчү болуп таанылган. Ал өз учурунда эле замандаштары тарабынан туура түшүнүлүп, Орто Азия элдеринин, айрыкча кыргыздар менен казактардын тарыхын, тагдырын, турмушун, тиричилигин, каада-салтын, этнографиясын изилдеген окумуштуу-агартуучу катары эрте көңүл бурулуп, урпактары тарабынан эң туура баа алууга татыктуу болгон.

Чоконго жакшы таасир тийгизгендердин бири Сибирь сүргүнүн өтөп бүткөн улуу жазуучу Ф. М. Достоевский болгон. Сабаттуу болууга такай үндөө менен, ал казак элинин өнүгүп, билим алышына бүт күч-кубатын жумшоого чакырган. Тырышчаак офицер, жаш окумуштуу Чокон Валиханов Батыш-Сибирдин генерал-губернатору Г. Х. Гасфорд менен мамилелерге негиз салуу үчүн Жети-Сууну кыдырган кезде өзүн эң сонун көрсөтүп, андан алкыш алып, айрыкча көңүл буруусуна арзыган. Ошондон кийин ал аны корнеттиктен поручик наамына көтөргөн. Кийинки жылы май айында жогоруда сүрөттөлгөн аскердик-стратегиялык илимий экспедиция жөнөтүлгөн. Ал негизинен чек арада жашаган казак, кыргыз урууларынын өз ара мамилелерин чечүү, Кокон хандыгына каршы Россиянын позициясын бекемдөө, Кытайдагы Цин империясынын экспансиялык максаттарын байкоо жана кыргыздардын Орусиянын карамагына өткөндөн кийинки уруу чабыштарын токтотуу, жөнгө салуу болгон. Экспедицияга Ысык-Көлгө туруктуу гарнизондору бар аскер сепилдерин куруу,

…мкундуктөрүн чечип келүү да жүктөлгөн. Кыргыздардын эки негизги уруусу: бугулар менен сарбагыштардын кастыгын тынчыткандан кийин, Ысык-Көл менен Тяншань аймагын топографияга, картага түшүрүү да белгиленген. Бул экспедицияга П. П. Семенов, М. М. Хоментовский, Ч. Ч. Валиханов, А. И. Бардашов, топограф Янковский жана казак-орус отряддары болуп, бардыгы жүзгө жакын киши катышкан. П. П. Семенов-Тяншанский жөнүндө атайын сөз кыла турган болгондуктан, биз мында Чокон Валихановго саал токтолдук. Анткени, Балбай таржымалына П. П. Семеновдун да тиешеси бар.

## XI

Боронбай дүйнөдөн өткөндөн кийин, бугуларга Сасыке уулу Зарыпбек султан болот. Буга Балбай каршы чыгат. Мына, ушундан баштап ал Зарыпбекке жаман көрүнүп калат. Дүнүйөкор Зарыпбек султан болгондон тартып, ага Ташмамат деген кокондук соодагер жармашат. Аялына кызыл кымкап, өзүнө алтын жип менен тордолгон бейкасам чапан жаап, кырк төөлүк кербен айдатып, кыргыз айылдарын аралап, каалагандай соода жүргүзөт. Болор-болбос күзгү, тарак, темене, ийне, жип-шуу, чыны-чайнек, мончок, шуру, бетмай, самын сыяктуу майда-барат буюмдарын кой-козу, ирик, торпок, тана, тай, кунан, ат, төөгө алмашат. Мата, бөз, чыт, торгун, ыстампул, болотнай сыяктуу кепиндик кездемелерине үйүр-үйүр жылкы сурайт. Ошондо эски тонун кийип, Бүргө-Торусун минип, Балбай да келип калат.

Анчылар суусар, кундуз, калтар, кыштым, сүлөөсүн, илбирс, жолборс, түлкү терилерин, келиндер шырдак, кийиз, сайма, өрмөктөрүн алдатып жатканын көрүп, Балбай: «Кыргызда бир суусар бир тай, кундуз кулундуу бээ. Базар көрбөгөн элеттик элди алдап жатыпсың го, энесине эт саткан сарт!» деп кыжыры келет. Ташмамат: «Чычкандын терисин бекер берсең да албайм. Мунундун куну бир топчуга да турбайт» деп аң-тери баасын огобетер кемитип, шылдың кылат. Балбай: «Битин сыгып, канын жалаган жолбун, ит кожолор. Качан болсо, бириңди эки, экиңди жети кылып, талаада жаткан бок-сакты асмандатып сатасыңар да, кумурскадан төө жасап, кудайы момун элди алдаганыңарды койбойсуңар.

Мынчалык неге ынсапсызсыңар. Кеткиле, жоголгула! Кайдан келсең, ошол жагыңа тамаааныңды жылтырат! Силерсиз эле күн көрөт кыргыздар. Желкемдин чуңкуру көрсүн! Экинчи келсең, эшегине сүйрөлүп кетесиң!» деп, султанындан улуксаатым бар десе да болбой Ташмаматтын мүлкүн чар учкандай чачып, кашаа толгон малды элге таркатып берет.

Жети-Өгүздүн төр жайлоосунда Зарыпбек султан жүз баш өргөө көтөртүп, кесир чайкап жаткан. Аюу чаначтан куюлган кызыл кымыздын гүлдүү кесесин колуна кондуруп: «Энди, көл дубанын өзүм билем. Чулдурду болсо, өз терисин өзүнө сыйрытып кийгизем. Аны ушул баштан Кытайга айдабасам, тагымды-багымды талашып, мага тынчтык бербейт деп, эсиркеп, кекенип, ызырынып отурат. Аңгыча Ташмамат келип арызга отурат. «Бир тал чачың жерге түшпөйт. Ар бир чачылган мончогуңду тердирип, колуңа салдырам», деп чабармандан Каркырадагы Балбайды чакыртат.

Эки күндөн кийин, эт желип, кымыз ичилип жаткан кезде Бүргө-Торусун алкынтып, Балбай келет. Деген менен, көзү жокто дөөгүрсүгөн Зарыпбек аны көргөндө куйругуна калбыр байлаган чычкандай калтырый түшөт. Балбайга орус өкмөтүнөн сый чепкен, күмүш медаль бергенин жашырып, Зарыпбек ага жакшылык кылган киши болуп, башкача сүйлөйт: «Орус улуктарынан сени кармасын деген буйрук келди, издеп таппай жүрүшөт. Келген сыйды бербейт деп, ич күптүү болуп жүрсөң керек. Медаль такса — сени алдап жатканы, чапан жапса — сени кармоонун амалы. Энди сен билбейсиң, мен билбейм. Саа кылар жакшылыгым: ушунчаңда жер которуп кет. Бул жерде саа күн жок, акыры кармап, Шиберге айдайт, Кытайга кет» деп кыстоого алат. Балбай анын сөзүнө бир ишенип, бир ишенбей күмөн санап отурат да, акыры Боронбайдын тууганы эмеспи, кантип кара санасын деп, эч үндөбөй, дулдуюп, өргөөдөн чыгып кетет. Эр эмне болот тура. Зарыпбектин жайган торун, кылтак салып койгон амалын эч элес албайт.

Балбай Текеске көчөт. Ал көчкөн соң Зарыпбек орус өкмөтүнө чагым жеткирет: «Белегиңерди албай койду, сыйыңарга түкүрдү. Орусуңду көзүм көрбөсүн, сары каапырдан кара каапыр артык деп, Кытайга аша качты. Ал акылга көнбөгөн, айтканын

бербеген, бир мүнөз кыяр киши. Кытай менен тил табышып, бир балаа баштаган турат. Ал адамдан коркпойт, айбандан буурадан гана коркот. Бала чагында башын чайнатып коё жаздаган. Үч жүз чамалуу айлы, алты жүз чамалуу колу, каруу-жарагы менен үч миң жылкы айдатып кетти. Оорунун алдын алган жакшы деп, сизге атайы билдирдим», деп жалган жалаа жаздыртып, берсек албай койду деп, белекке келген сый чапан менен медалды кошо жөнөтөт.

Балбай жылкы кайрып жүргөндө кабар келет. Түн катып келгендерди баатырдын байбичеси Уулбала тосуп алат. Каркырадан аттанган Молдосан, Матайлар экен. «Зарыпбек султан сатты. Биз чоң белекпиз, төрөнүн тукумубуз, Кыргыздын сулуу кыздары менен сулуу аргымактарын тартуулап барып орустан колдоо алабыз, Балбайды кармап беребиз деп, сени издетип жатат» деген кабарды айтат алар.

Балбай: «Орустар чен алууга Боронбай, Мураталы, Тилекматтар менен кошо чакыртты эле мени. Ошондо ооруп калып, ордума балам Мойнок барды эле. Эмне үчүн өзү келген жок, ченин өзү келип алсын деп, балама берген катты Зарыпбек, Тилекматтар жолдо уурдап алышып, жок кылышкан. Мойнок коркконунан мага айтпайт. Ошондо чен бербей эле мени түрмөгө салдырткань чакырткапбы?» — деген ойго кетет: «Асти, оруска кастыгым жок эле, ниетим ак эле, эч күнөө кылган эмесмин. Жалган чагым жаздырып, оруска мени жаман көрсөттү го Зарыпбек. Орус деген кекчил эл, чегинен чыгып кетсем, кылмыш кылды, бизге каршы деп эсептейт го?» — деп акылын булут чалып, терең ойго малынып, элди, жерди кыйбай кыжаалат болот Балбай.

«Кенесары менен Ноорузбай элди көгөнгө тизип кырганда жаным бир кашайды эле. Кокондуктар кыргыздардын баштарын коондой кесип ыргытканда дагы бир кашайган. Калмак, кытай башынан сөөк өчтүү кыргызга. А, арбак урган Ормон менен Төрөгелдини кайсы кудай урду? Өз боору бугуну кан кустуруп, чапканга кантип барды? Ал го ал, эми Зарыпбек шумду карабайсыңарбы? Өзөктөн чыккан өрт жаман. Өтүгүң бутка тар болгон соң, кең дүйнөнүн кенендиги кайсы? Өлсөм сөөгүм көлгө коюлат. Ата журтуман тентип кайда барам?» — деп көңүлү караңгылап, ойдон ойго соктугат.

Балбайды каралап жаздырган чагым улуктардын колуна тиет. Капитан Полторацкий башчылык кылган куралдуу отряд Верныйга келет. Балбайдын кайда жатканынан, курал-жарагынан, кошуунунан кабар алдырып, Полторацкий Зарыпбекке кездешет. Зарыпбек ага: «Андып барып, амал менен кармабасаңар, оңойлук менен колго түшпөйт, ал ойрон» — деп тыңчыларын кошуп берет. Полторацкий солдаттарды кытайча кийинтип, Телтору менен Күчүк деген тыңчыларды алдына салып, Текеске жөнөйт.

Балбай Көк-Терек деген жерде эле, бирок үйдө эмес ууга кеткен. Үйдө оорулуу Матай отурган. Тыңчылар: «Баатырды кайдан табабыз, салам-дува, жакшы кабар бар,— деп сылык сүйлөшөт. — Келээри менен Кулжага келсин, зоболосун көтөрөт. Экинчи чакырууда үйдө болсун» — деп кетишет. Жунуш уудагы Балбайга жетип, Көк-Теректеги үйүнө тыңчылар келгенин кабарлайт. Ошол учурда Балбайдын эски оорусу кармап, үйүнө араң келип түшөт. Уулбала: «Баатыр, мен коркуп турам, түшүм жаман» деп эскертет.

Кароолчулары Байкүчүк менен Токбайлар эле. Мал арык, жер katkalaң, көк тиштей элек, аба ырайы ызгаар суук. Балбай төшөккө жыгылып, сары убайым, сары санаага батат. Каза болгон балдары Тайкашка менен Байкашка эсине түшөт. Ошентип жатканда тыңчы Күчүк менен Телтору Көк-Терек, Көк-Сууга кайра келишет. Уулбаланын көзүнө алар тири суук жаналгыч болуп көрүнөт. «Баатырдын ооруп жатканын угуп, көрө кетели деп, келип калдык» — деп, тыңчылар сыр бермемиш болушат. Балбай төшөктөн баш көтөрүп: «Телтору менен Күчүк, силер мени көрөйүн деп келген жоксуңар. Мени кармап берүүгө тыңчы болуп келдиңер. Арамзаа атанар менен куйту Зарыпбекти жер сорсун, Кудайга койдум. Зарыпбек мүдөөсүнө жетти да, мени чагымдап Көк-Теректен тапты. Акыйкаттаса, насип буйруп, кайрылып келээрмин. Ошондо аты жаман Күчүк, атасы арам Телтору, силердей шимшиген иттерди балдарым отун кылып жагып, табына жылынар» дегенде Күчүк актана сүйлөйт: «Андай эмес баатыр, орустан чен тагынып сый көрүп, медаль алып кайтасыз. Сизди урматтап каршы алат. Үстүңүзгө чепкен жабат. Сиңирген эмгегиңиз бар».

Алар сөзгө алаксытып отурганда 160 солдаттан

турган рота еңүттөн чыга калып, боз үйдү курчап алат. Түн эле. Желе менен көгөндөрдү кыркып, «Сыртка ким чыкса, атылат!» деп, буйрук кылып, үч стражник менен капитан Полторацкий үйгө кирип келет. Оорулуу Балбай төшөктө уу коргошун чайнап отурган. Полторацкий буйрукту көрсөтөт: «Баатыр, кана баатырлыгыңызды көрсөтүңүз да туруңуз, биз менен жүрүңүз. Сиз кармалдыңыз. Биз жеткирүүбүз керек. Ак-караңызды тыяктан тергеп алышат». Уулбала: «өзүнүн Сур айгырын мингизгиле, ушунча узак жолдо кыйналат» деп суранат. Бирок жолдо балакет баштайбы деп чочулап, Сур айгырга мингизбей, койчунун атына мингизип, колу-бутун байлап, айдап жөнөшөт. Балбай баласы Мойнокко бурулуп, «Суру жаман булардын. Эрдене, Өмүргө жет. Уктап жатса да, менин кармалганымды кабарла. Куштай уч!» деп жашып кетет. Баласы атынын башын шарт буруп, салкын төр беттеп жөнөйт. Балбай жолдо ката санаага бата күңгүрөнүп жүрүп отурат:

Атам коргон салдырган,
Ысык-Көл эле конушум,
Элиме жетпей өлөмбү,
Эмнеге мындай болушум?..

Балбайга жакшы санаалаш ага-туугандары Өмүр, Матай, Тагайлар акылдашып, Ашырбай менен Жунушту аттап, тондоп, улуктарга берчү парасы менен, жыйган теңгеси менен Алматыга узатышат. Балбай бутуна кишен салынып, түрмөдө жатканына көп болгон. Алар Эшкожого кудалыгы бар казак Деркембай ажыныкына келишет.

Улуктарга олчойто пара берип жатып, Ашырбай менен Жунуш Балбайдын үстүнө кирүүгө улуксаат алышат. Балбай сыз жерде эски оорусу кабылдап, арыктап, начарлап калган. Бирок акыл-эси калыбында эле. Андыктан, болгонду болгондой айтат: «Менин душманым орустар эмес, Зарыпбек болду. Байкабай калган экем, дары сүйкөмүш болуп, денеме уу сүртүп салышыптыр. Зарыпбек жалдаган табып шекилдүү. Бала күндөн чайнаган уу коргошундун сиңгенинен денем анын уусун кабылдабай жатат окшойт, бирок алсырап, кыйналып калдым. Акыры өлө турган болгон соң, мени түрмөгө кармап эмне кылышат? Эптеп чыгарып алгыла, жаным боз үйдөн чыксын. Башка заман адилеттик да болоор, ошондо Балбайдын бейажал өлгөнүн айта жүрөрсүңөр».

Көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп бараткан Балбайды чоң пара берип, Деркембай ажыныкына чыгарып келишет. Аз өтпөй Деркембай көтөрткөн ак өргөөдө Балбай жарык дүйнө менен коштошот. Өлүктү ооруканага алып барышып, «түрмөдө өз ажалынан өлдү» деген акты жазышып, этин шылышып, текенин терисинен жасалган чаначка сөөгүн салып алып жөнөшөт. Барган кыргыздар сөөк артынан өбөктөп-өксүп отурушат;

Балбайды ууландырып соргондо,
Жан берди жылдыз толгондо,
Адилетсиз шум заман,
Жеткирбеди болжолго.

Кагылайын, айкөл баатырым,
Калкымдан жанга жакыным,
Жамандап жатып жок кылды,
Зарыпбек деген каапырың.

Кеч күздө Алматыга келген Колпаковский: «Балбайды туура эмес кармаганбыз. Беш ай калганда бошотуу буйругу болгон. Бирок буйрук убагында жетпей калган. Анын өлүмүнө биз күнөөлүү эмеспиз. Кыргыздар өздөрү күнөөлүү. Алар каралап, чагымдап, бизге кабар жеткизишкен» деп билдирген. Балбайдын түрмөдөгү казалын бирге жаткан казак жигит кийми менен кошо ала барган. Немец фотографы тарткан Балбайдын түрмөдө түшүрүлгөн жападан жалгыз сүрөтү болгон. Балбайдын сөөгүн төөгө жүктөп келишип, адегенде Кышнатадагы Карындыз деген жерге коюп, эки жылдан кийин Түп менен Сары-Булактын ортосундагы үч жолдун боюна коюшат. Баатырга арнап салынган күмбөздү 1916-жылдагы элдик-боштондук көтөрүлүш учурунда кыргыздарды кырган казак-орустар талкалап, бышкан кирпичтерин ташып кетишип, пекарня курушкан, арткаcontainerын менен үйлөрүнө печка салышкан. Күмбөз Күрмөнтү, Сары-Булак элинин демилгеси менен 1991—1992-жылдары калыбына келтирилди.

## XII

Балбай менен Ормон жөнүндө, алар жашаган заман, тарыхый шарттар, уруу чабыштар, жортуулдар жөнүндө угуп, билип, кулакка түйүп жүрсөк да, алардын баскан жолдорун өз көзүбүз менен көрүп, элибиздин азыркы жана мурдагы жашоо шарттарын

салыштырмалуу көз алдыга келтирип, жандуу образдарын урпактарга калтырып кеткенге не жетсин! Балбай менен Ормондун доорунда жашаган улуу-кичүү инсандардын ар бири эле көркөм чыгарманын каарманы болууга татыктуу. Мисалы, айрымдарынын атын окурмандардын эсине сала кетели:
каарманы болууга татыктуу сала кетели:

Балбай таржымалынын урунттуу даталары негизинен төмөнкү жылдарга туура келет.

1791 — туулган жылы.

1798 — калмактардын жортуулу.

1806 — чапкынчылар менен жаш Балбайдын биринчи беттеши.

1808 — Миң-Жылкыдан жылкы тийген урууларга каршы Карабаткактагы буктурма.

1812 — кыргыз элчилеринин Омскиде болушу.

1820 — 1825 — Көл өрөөнүнө Кокон чептеринин орношу.

1830 — 1850 — сарбагыш-саяктардын, саяк-бугулардын, сарбагыш-бугулардын чабыштары.

1842 — Кокон хандыгына каршы кыргыздардын көтөрүлүшү.

1843 — Каракол, Барскоон, Конур-Өлөң чептеринин кыйрашы.

1850 — Цин империясынын кыргыз манабы Боронбай Бекмурат уулуна кызыл шарик таажысын тагышы.

1851 — Кокон хандыгы Ысык-Көлдөгү чептерин кайра алышы.

1853 — 4-сентябрь, Батыш-Сибирдеги орус бийлигине бугу уруусунун биринчи каты.

1854 — Россия букаралыгына өтүүгө бугулардын экинчи каты.

1854 — Жай айлары, бугуларга Ормондун жортуулу. Анын Балбайдын колунан өлтүрүлүшү.

1855 — 15-январь, Россия букаралыгына кабыл алынган бугулардын анты. Он минден ашуун бугулар Россия карамагына өткөн.

1855 — Ормондун кунун кууган Төрөгелди менен Үмөтаалынын көлдү айланып, бугуларды чабышы.

1856 — Россия империясынын аскердик-стратегиялык экспедицияларынын келе баштошы.

П. П. Семеновдун саякаты жана саясаты.

1861 — Россияда крепостной укуктун жоюлушу. Миллиондогон мужуктардын Сибирге, Орто-Азияга, Казахстанга көчүрүлүшү.

1864 — Ак-Суу чебиндеги казак-орустардын кыргыздарды кырышы.

1865 — Кокондук тынчы соодагер Ташмаматтын Каркырага келиши.

1860 — 1870 — Цин империясына каршы Кытайдагы дунгандардын көтөрүлүшү. Алардын кыргыз жерине келе башташы.

1867 — Полторацкийдин Балбайды кармоого Текеске барышы. Балбайдын туткундалышы, Алматыга жеткирилиши.

1867 — 11-июль, Түркстан генерал-губернаторлугуна Жети-Суу обулусунун кошулушуна байланыштуу камактагы Балбайдын, Дураалынын, Саурыктын ишин өткөрүп берүү боюнча буйрук.

1867 — 30-ноябрь, камактагыларды бошотуу жөнүндө буйрук. Ал кечигип келген. Балбай андан мурда эле ууландырылып өлтүрүлгөн.

Бул даталарга кошумчалар, тактоолор болушу мүмкүн. Бирок ушул жылдарды Балбай баатырдын таржымалындагы орчундуу учурлар деп кароого толук негиз бар. Балбай Эшкожо уулу 1791 — 1867-жылдарда жашап, 76 жаш курагында дүйнөдөн өткөн.[1]

Художественно-документальное издание

**Турсунов Эрнис**

**БАЛБАЙ И ЕГО ЭПОХА**

Бишкек. Издательство «Кыргызстан»

На кыргызском языке

Даректүү-көркөм басылма

**Турсунов Эрнис**

**БАЛБАЙ ЖАНА АНЫН ДООРУ**

Редактору Т. Иязалиев
Сүрөт редактору К. Сейталиев
Техн. редактору Ж. Искакова
Корректору М. Кожалиева

ИБ № 5010

Терүүгө 2. 07. 92. Басууга 22. 07. 92. кол коюлду. Китеп-жур-нал кагазы. Форматы $84\times108^{1}/_{32}$. Адабий арибы. 3,36 шартт. басма табак. 3,410 учеттук басма табак. Тиражы 2000
Заказ № 34

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басма
720737, ГСП, Бишкек шаары, Совет көчөсү, 17
Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атын

Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек, 5, Т. Суванбердиев к